6 **РЕФОРМА НАУКИ: ПРИЧИНЫ, ЦЕЛИ И ПУТИ**



5 **БААТЫР БАРКЫ БАР АЛТЫ ИНСАН**



http://www.kutbilim.kg

# Кут Билим

2022-ЖЫЛ, 30-СЕНТЯБРЬ №36 (10973)

КООМДУК-ПЕДАГОГИКАЛЫК, ИЛИМИЙ-ПОПУЛЯРДУУ БАСЫЛМА / ОБЩЕСТВЕННО-ПЕДАГОГИЧЕСКОЕ, НАУЧНО-ПОПУЛЯРНОЕ ИЗДАНИЕ

## "БАТКЕНИМ МЕНИН ЖҮРӨГҮМДӨ"




*Билим берүү жана илим министрлигинин буйругунун негизинде республиканын бардык билим берүү мекемелеринде балдарды мекенчилдикке тарбиялаган, ынтымакты бекемдөөгө чакырган иш-чаралар өтүүдө. Алардын ичинде окутуу тажик тилинде жүргүзүлгөн мектептер да бар.*

4



К 100-летию Героя Советского Союза
**ЧОЛПОНБАЯ ТУЛЕБЕРДИЕВА**

2



**ТАТЫКТУУ МУГАЛИМ БОЛГУМ КЕЛЕТ**

11



**КАРА-ТОКОЙДУН КАМКОР ДИРЕКТОРУ** 10



**УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫН УЙКУДАН ОЙГОТУУ КЕРЕК**

14

# БИЛИМ БЕРҮҮ МИНИСТРИНИН ГЛОБАЛДЫК ДЕМИЛГЕЛЕРИ

Алмазбек Бейшеналиев эгемен өлкөбүздүн тарыхында Бириккен Улуттар Уюмунун эң зор жыйынында англис тилинде чыгып сүйлөгөн биринчи билим берүү министри болуп калды. Ал БУУнун Башкы Ассамблеясынын 77-сессиясында дүйнөлүк коомчулуктун көңүлүн өзүнө бурган бир топ демилгелерди айтып чыкты.



Элибиздеги "Билеги күчтүү бирди жыгат, билими күчтүү миңди жыгат", "Билимдүүгө дүйнө жарык" деген накыл сөздөр билим берүү тармагынын азыркы жетекчиси тууралуу айтылгандай. Бул жөн жерден айтылган мактоо эмес! Алмазбек Бейшеналиев төрт тилде: кыргыз, орус, түрк жана англис тилинде эркин сүйлөйт. Полиглот. Ушул артыкчылыгы башка сапаттарынын катарында эске алынып, мындан мурун да **билим берүү тармагын, бир аз убакыт *Кыргызстандын Женевадагы өкүлчүлүгүн жетектеди.* Бул кызматтарга чейин ал АКШнын Түндүк Айова** жана айтылуу Джон Хопкинс университеттеринде сабак берип, Варшавадагы Вистула университетинин чет тилдер институтунун директору болгон. Өкмөт аппаратында да, аймак таануу институтунда да жетекчилик кызматта иштеди. Эми кайра экинчи жолу билим берүү тармагын жетектеп жатат. "Сен мага тийишпе, мен сага тийбеймин" деген принципте иштебестен, өлкөнүн билим берүү тармагында эл күткөн реформаларды баштап отурат. Президенттин Жарлыгы менен мугалимдердин айлык маянасы 2-3 эсе жогорулап, бүтүндөй өлкө боюнча директорлорду конкурстук негизде тандоо жүрүүдө. Билим берүүдөгү мазмундук өзгөрүүлөр да унутта калган жок. Атайын кесиптик окуу жайларда, ЖОЖдордо мезгил талабына жараша жаңылануу аракеттери жүрүүдө. Жакында Бишкекте ЖОЖ ректорлорунун эл аралык жыйыны болуп өттү. Бул окуяны дүйнөлүк илимий коомчулуктун Кыргызстандын билим берүү тармагындагы өзгөрүүлөргө берген жогорку баасы катары кароого болот.

Дүйнөлүк масштабдагы ректорлор жыйынына улай, реформатор министр 19-сентябрда, БУУнун Башкы ассамблеясынын 77-сессиясында Кыргызстан**да 2022-жыл тоолордун экосистемасын коргоо жана климаттык туруктуулук жылы деп жарыялангандыгын айтып, Кыргызстан бардык тоолуу өлкөлөрдүн кызыкчы**лыктарын жана муктаждыктарын глобалдык күн тартибинде жогорку деңгээлде сактоого умтуларын белгиледи. Муну менен эле чектелбестен, министр Кыргыз Республикасы дүйнөлүк коомчулукка БУУнун Башкы Ассамблеясынын резолюциясын кабыл алууну жана тоолуу аймактарды өнүктүрүү боюнча эл аралык кызматташтыкты кеңейтүү жана тереңдетүү боюнча беш жылдык иш-аракеттерди ишке ашырууну сунуштап жаткандыгын билдирди. Алмазбек Бейшеналиев тоолуу өлкөлөрдүн досторунун тобун расмий түрдө БУУга институтташтырууну жана жаңы мүчөлөрдү кабыл алууну сунуш кылды. Буга кошумча Глобалдык тоо университетин түзүү менен тоолуу жамааттардын жашоосун биргелешип изилдөө үчүн лабораториялары бар улуттук академиялык институттардын тармагын түзүү демилгесин көтөрдү.

"Баарыбыз бир максатка биригишибиз керек. Ал – биз жашап жаткан тоолорду сактоо жана коргоо. Келгиле, чогуу иштейли!", - деди Алмазбек Бейшеналиев.

Кыргызстандын тоолуу аймактарды өнүктүрүү боюнча эл аралык кызматташтыкты бекемдөө **сунушун бир добуштан колдоого алган бул тарыхый жыйынга Андорра, Бутан, Венгрия, Казакстан, Лесото, Малави, Никарагуа жана Өзбекстандын тышкы иштер министрлери**, ошондой эле Дүйнөлүк банк, ПРООН, ЮНЕП, ЮНИДО ж.б. эл аралык уюмдардын өкүлдөрү кирген 90дон ашуун делегат катышты. Кеңешменин катышуучулары кыргыз тараптын бул иш-чараны уюштуруудагы демилгесин жогору баалап, тоолуу өлкөлөрдүн кызыкчылыктарын алдыга жылдыруу боюнча кыргыз тараптын аракеттерин колдоорун билдиришти.

– Бул глобалдык окуялардын маанилүүлүгү, аларга даярдык көрүүнүн жүрүшүндө дүйнөнүн алдыңкы окумуштуулары тоолорго масштабдуу изилдөөлөрдү жүргүзүп, алардын адамзаттын, өзгөчө жакыр жана өнүгүп келе жаткан тоолуу өлкөлөрдүн туруктуу социалдык-экономикалык өнүгүүсү үчүн зор маанисин далилдегендигинде, - дейт белгилүү окумуштуу жана коомдук ишмер Кулубек Бөкөнбаев Кыргызстандын бул жаатtагы акыркы аракеттерине баа берип.

2022-жылы 21-сентябрда, өзүнүн Нью-Йорктогу сапарында, Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министри Алмазбек Бейшеналиев Улуттук же этностук, диний жана тил боюнча азчылыктарга кирген адамдардын укуктары жөнүндө Декларациянын кабыл алынганынын 30 жылдыгына арналган Жогорку деңгээлдеги жыйынга да катышты.


**Отурумдун ачылышында БУУнун Башкы Ассамблеясынын 77-сессиясынын төрагасы Чаба Көрөши жана БУУнун генералдык катчы Антониу Гутерриш өзү катышып, чогулгандардын алдында сөз сүйлөгөнү каралып жаткан маселенин орчундуу экенинен кабар берет.**

Алмазбек Бейшеналиев өз сөзүндө Кыргыз Республикасынын элинин курамында 100 улуттун өкүлдөрү камтылганын, **улуттар аралык мамилелер жаатындагы мамлекеттик саясат өлкөнүн стратегиялык милдеттеринин бири экенин айтты. Министр Кыргызстан этникалык, маданий, тил жана диний өзгөчөлүктү урматтоону эске алуу менен адам укуктарын коргоого жана демилге берүүгө, этномаданий өзгөчөлүктү чагылдырууга, сактоого жана өнүктүрүүгө шарттарды камсыз кылууга умтуларын баса белгиледи.**

Азчылыктардын укуктарын талкууга алган бул жыйынга дүйнөнүн 90дон ашык өлкөсүнүн, ошондой эле эл аралык уюмдардын өкүлдөрү катышты.

Маалымат үчүн айта кетсек, өткөн жылы Кыргызстандын демилгеси менен Бириккен Улуттар Уюму 2022-жылды – **«Эл аралык тоолор жылы»** деп жарыялаган. **Тиешелүү резолюция 2021-жылдын 16-декабрында БУУнун Башкы ассамблеясынын 76-сессиясынын пленардык жыйынында кабыл алынган. Бул 2002-жылы өткөн Биринчи глобалдык Бишкек тоо саммитинин 20 жылдыгын белгилөө максатында демилгеленген. Бул Кыргызстандын демилгеси менен кабыл алынган тоолуу аймактарды** туруктуу өнүктүрүү боюнча үчүнчү резолюция болуп эсептелет. 2021-жылы 16-апрелде БУУнун Башкы ассамблеясынын 75-сессиясынын алкагында **"Жаратылыш чек араны билбейт"** деп аталган биринчи резолюция, 23-ноябрда ЮНЕСКОнун 41-сессиясынын пленардык жыйынында Кыргызстандын демилгеси менен "Мөңгүлөргө мониторинг жана изилдөө жүргүзүүнү кеңейтүү" деген жаңы резолюция бир добуштан кабыл алынган. Тоолорду туруктуу өнүктүрүүнүн эл аралык жылы жөнүндөгү резолюция БУУга мүчө бардык мамлекеттер тарабынан бир добуштан кабыл алынды. Мындан тышкары, 93 мамлекет бул документти колдогон.

А.АЛИБЕКОВ,
«Кут Билим»



# БААТЫР БАРКЫ БАР АЛТЫ ИНСАН

***РЕДАКЦИЯДАН:** Өлкөбүздө эгемендик жылдардын мезгилинен бери бир катар саясий, коомдук ишмерлерге Кыргыз эл баатыры аттуу эң бийик мамлекеттик наам ыйгарылганын жакшы билебиз. Өкүнүчтүүсү, алардын катарында бел чечпей ак эмгеги аркылуу чыныгы баатырдыкты көрсөтүп иштеп жаткан агартуу журтчулугунун өкүлдөрүнөн көрүнбөйт. Мындайда не демекчибиз, билим, илим тармагынын жарчысы, күйөрманы катары бул саам биз баатыр баркы бар алты инсанды коомчулуктун назарына салып көрөлү дедик.*





## РОЗА ОТУНБАЕВА

Роза Отунбаева Кыргызстан бир мезгилде солкулдап, чайпалып турганда жоопкерчиликти моюнга алып, өткөөл мезгилдин Президенти болуу менен бирге Кыргыздын Темир айымы аталды. Көсөм саясатчы, дипломат, күрөшчүл мүнөз күткөн жаратман айымдын элине жасаган эмгеги баа жеткис десек аша чапкандык болбос.

Кечээ жакында БУУ Ооганстан боюнча жаңы атайын өкүлү жана БУУнун Ооганстанга жардам көрсөтүү миссиясынын башчысы болуп Роза Отунбаеванын дайындалганын билдирди. Борбор Азиядагы биринчи Президент айымдын бул жаңы кызматка дайындалганын Кыргыз эли кубануу менен кабыл алды. Роза эжекебиз бул кызматка лидерлик, дипломатия, жарандык активдүүлүк жана эл аралык кызматташуу боюнча 35 жылдан ашуун кесиптик тажрыйбасын эске алуу менен дайындалганы да кабарланды.

Баатыр мүнөз эжейибиз убагында КРнын АКШдагы жана Канададагы элчиси, КРнын Улуу Британиядагы элчиси, ЮНЕСКО иштери боюнча советтик улуттук комиссиянын төрагасы кызматтарын аркалаган. Ал БУУнун Грузиядагы байкоочулар миссиясында Башкы катчынын атайын өкүлүнүн орун басары болуп да иштеген. Учурда ал БУУнун Башкы катчысынын медиация боюнча жогорку деңгээлдеги консультативдик кеңешинин мүчөсү жана Кыргызстандагы «Роза Отунбаеванын демилгеси» фондунун жетекчиси. Москва мамлекеттик университетинин философия илимдеринин доктору.





## БЕКТЕМИР МУРЗУБРАИМОВ

**Академик, химия илимдеринин доктору, КР Жогорку Кеңешинин үч жолку депутаты Бектемир Мурзубраимовдун эмгегин айтсак сөз түгөнбөйт. Окумуштуу жер кыртышынан сейрек кездешүүчү элементтерди бөлүп алып, тазалоонун технологиясын иштеп чыккан. Илимдин ушул багытында илимий ачылыш патентине ээ.** Чоң-Алайдагы таш туз жаратылыш кенин казып алуу жана иштетүү боюнча атайын илимий топ түзүп, Ош облусунун шартында аш тузун, каустикалык соданы жана хлорду алуу технологиясын өндүрүшкө киргизген. Ушул өңдүү 12 илимий ачылыштын авторлук күбөлүгүн алган.

Кезинде Бектемир агайдын Ош жогорку технологиялык колледжинин ректору болуп дайындалышы – окуу жайынын өнүгүшүндөгү жаңы этаптын башталышы болгон. Аталган окуу жайындагы эң жогорку ийгилиги – Ош технологиялык жогорку колледжин 1996-жылы Ош технологиялык университетине айландырууга жетишкендиги болгон. ОшТУга алып келген ири ийгиликтеринин бири – 1997-жылы башталган алты кабаттуу административдик-окуу имаратынын курулушу эле. ОшМУнун да азыркы дүркүрөгөн өсүшүнө агайдын үлүшү зор. Аталган окуу жайда мурда 12 илимдин доктору, профессорлор иштесе, агайдын тушунда алардын саны 55ке жеткен. Ал эми агайга чейин 169 илимдин кандидаты, доцент эмгектенсе, кийин алардын саны 229 болгон. Мына ушул жыл аралыгында 13 жаңы объект (Кампус, 300 орундук концерттик зал, достук сарайы, 800 орундук залы бар жаштар борбору, ден соолукту чыңдоо борбору, китепканалар, окуу жана лекциялык залдар, спорт аренаалары жана аянтчалары, эс алуу зоналары) курулуп, 8 объект (медицина, тарых, юридикалык, бизнес жана менеджмент факультеттери жайланышкан имараттар, эки мектеп гимназиясы, бала бакча, автопарк, Ысык-Көлдөгү "Үмүт" пансионаты) университеттин карамагына өткөрүлүп, сатылып алынган. Эл аралык байланыштар өнүгүп, дүйнөлүк стандартка ылайыктоого кадам ташталган. ОшМУ эл чарбасынын көптөгөн тармактары үчүн адис даярдаган универсалдуу окуу жай гана болуп келбестен, ошол кездеги республикабыздын түштүк аймагындагы илим-билимдин, маданияттын ордосуна айланган. Ошону менен катар 2000-жылы Ош мамлекеттик университетинин эл аралык Өзгөн медициналык колледжин ачкан. Бул окуу жайдын да ар улуттан турган 500гө жакын бүтүрүүчүлөрү бар.

## ҮСӨН АСАНОВ


Академик, КРнын илим жана техника жагындагы мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты, Кыргызстандын илимине эмгек сиңирген ишмер Үсөн Асанов илимде эң көп ачылыштарды жасаган инсан экенин коомчулук көп биле бербесе керек. 1970-жыларда агайдын жаңы ачылыштары кыргызстандык жана союздук академиялык чөйрөгө дүңгүрөп угулган. Үсөн Асанов химия менен физиканын кошулган жеринде илимий эксперимент жүргүзүп, металлды электр учкундары менен иштеткенде, өтө бир баалуу жаңы сапаттагы химиялык бирикме келип чыкканын биринчилерден болуп аныктаган. Илимде мындай кубулушту буга чейин эч ким байкаган эмес экен. Агайды ушундан улам электр учкундары химиясынын атасы, дүйнөлүк нанотехнологиянын негиздөөчүлөрүнүн бири деп атап келишет. Ү.Асановдун бул илимий ачылышы СССРдин эл чарбасына миңдеген кирешелерди алып келген. Азыр да нанотехнологиялык материалдарды өндүрүүнүн негиздеринин бири болуп калууда. Учурда даңктуу окумуштуу 50дөн ашык ойлоп табуулардын автордук күбөлүгүнүн ээси. Агайдын ойлоп табуусунун негизинде 1984-жылы Майлы-Сай электрлампа заводу 147 миң 844 сом жылдык киреше алган экен. Ушул бир эле мисалдан улам Ү.Асановдун жогорудагы көптөгөн ойлоп табуулары өлкөгө канчалаган кирешелерди алып келгендигин эсептеп көрсөк болот. Үсөн аба ойлоп табуулардан башка 250дөн ашык илимий эмгектердин, 13 монографиянын, 20 окуу китебинин, 34 энциклопедиялык эмгектердин автору. Үсөн Асановдун Кыргызстанда химия илимин жана компьютерди кыргыз тилинде сүйлөтүүдө да эмгеги өтө зор.



## ИШЕНГҮЛ БОЛЖУРОВА

**КРнын билим берүүсүнө эмгек сиңирген ишмери, "Даңк" медалынын ээси, педагогика илимдеринин доктору Ишенгүл Болжурова журтчулугубузга аттын кашкасындай таанымал экендигинде шегибиз жок. Эгемендүү Кыргызстандын тарыхында И. Болжурова табылгыс кесипкөй адис, жетекчи экендигин далилдей алды. Ошондуктан ал эки жолку ректор, эки жолку Билим берүү жана илим министри, эки жолку чет өлкөлөрдөгү биздин элчи жана бир ирет өлкөнүн социалдык тармагын тейлеген вице-премьер-министр болду. Ушунун өзү эле анын билим берүү тармагынын мыкты лидери экендигин далилдеп турат.**


Ишенгүл Болжурова Билим берүү жана илим министрлигин жетектеп турганда бир катар реформалар жүргүзүлдү. Албетте, бул иштердин натыйжалуу болушунда Ишенгүл эжейдин жетекчилик сапаттары чоң роль ойноду. Ишенгүл эжейибиз жетекчи, илимпоз катары да эч калыстыгынан жазган жок. Окумуштуу билим берүүнүн жетишкендиктерин көрө билип, аздыр-көптүр көйгөйлөрдү жашырбай түз айтып, ошол көйгөйдү чечүүнүн жолдорун сунуштап, ар дайым жана ар убак бүтүндөй билим берүү системасынын локомотиви болгон мектеп мугалимдерине татыктуу баасын берип келет. Ал билим тармагынын дүйнөлүк алгылыктуу тажрыйбасын кыргыз топурагына киргизүүдө, реформа кылууда зор эмгек сиңирди. Анын педагогикалык, илимий, коомдук, саясий ишмердүүлүгү көп кырдуулугу менен өзгөчөлөнүп турат. Жаштардын диний ишенимдерине байланышкан көйгөйлөрдү да тартынбай айтып, улуттун келечеги үчүн күрөшүп келет. Анын атуулдук күйүмдүүлүгү, алдыны көрө билген көрөгөчтүгү жаштардын келечегине кенен жол ачууда зор өбөлгө болуп келүүдө.



## СОВЕТБЕК БАЙГАЗИЕВ

Көрүнүктүү педагог, КР эл жазуучусу, филология илимдеринин доктору, КР билим берүүсүнө эмгек сиңирген ишмер Советбек Байгазиев педагогика, методика, адабият таануу, Манас таануу, адабий сын, этика, саясат таануу, публицистика, поэзия, проза тармактары боюнча ондогон китептердин, 500дөн ашык макалалардын автору. Окумуштуу "Манас" эпосу боюнча 30га жакын окуу китептерин, окуу куралдарын, тарбия колдонмолорун жазды. С.Байгазиевдин "Манас" эпосунун негизинде жаш муундарды адептик-ыймандык, руханий патриоттук баалуулуктарга тарбиялоодо эмгеги өлчөөсүз зор.

Советбек агайдын ар бир жаңы чыккан китеби баа жеткис изилдөөгө, өзүнчө бир рух дүйнөгө жык толуп турат. Айрыкча, «Гумандуу педагогика» аттуу 600 беттен турган зор эмгеги педагогикабыздагы чоң жаңылык болду. Бул китеп улуттук педагогикабыздын изилденүүсүнө, анын илим катары калыптануусуна бараандуу салым кошту. Дегинкиси, С.Байгазиев кыргыздын улуттук илими менен билиминде опол тоодой орду бар инсан. С.Байгазиев улуттук педагогикалык ойлорубуздун тарыхынын изилденүүсүндө, анын өз алдынча илим катары калыптануусуна чоң эмгегин арнады. Ал кыргыз окумуштууларынын ичинен биринчи жолу Орхон-Енисей таштарындагы жазуулардын педагогикасын изилдеди. "Таштагы педагогика" деп аталган көлөмдүү китеби анын улуттук педагогикабыздын тамыры кайда экенин табууга жасаган зор аракети болду. Ошондой эле С.Байгазиев орто жана жогорку мектептер үчүн эң эле баалуу болгон "Манас таануу" аттуу көлөмдүү окуу китепти алгач ирет жазып берди. Аталган китептин жазылышы менен, мектептерде улуу дастандын сюжетин эле жомоктотуп үйрөтүү менен чектелбей, окуучулардын илимий өңүттөн кароосуна жол ачылды. Байгазиевдин «Цивилизация жана Ата Журт тагдыры» аттуу көлөмдүү китеби улуттун рухуна, тагдырына, келечегине арналып жазылган өтө баалуу энциклопедия десек жаңылышпайбыз.



## БЕКТУР ИСАКОВ

Кыргыз Республикасынын эл мугалими Бектур Исаковдун педагогикалык табылгалары, ачылыштары, окутуу технологиясынын жаңылыгы, гуманизми, кыргыз тили жана адабиятын окутуудагы реформасы элибиз үчүн зор иш болду. Анын мугалимдик тажрыйбасы, педагогика илимине сиңирген эмгеги, өлкөбүздүн билим берүү системасында өзүнчө бир жаңы доорду ачты десек аша чапкандык болбос.

Агай окутуунун инновациялык технологияларын республикабызда эң эрте баштаган жана анын натыйжалуулугуна жеткен залкар мугалим. "Манас" эпосун, кыргыз тили жана адабиятын окутуу, ыйман сабагы боюнча 50гө чукул китептин, 259 илимий-усулдук макалалардын автору болду. Өзгөчө "Манас сабагы", "Манас жана дүйнө борбору", "Манас алиппеси", 5-класс үчүн "Биздин адабият", 8-класс үчүн "Кыргыз адабияты", 7-класс үчүн "Кыргыз тили", "Сабат алиппеси" ж.б. китептеринин мугалимдердин, студенттердин жана мектеп окуучуларынын колдон түшпөгөн окуу китебине айланган. Агай "Манас" эпосу боюнча окуу китептеринин сериясын жазды. Агайдын "Манас" сабагы" китеби эпосту окутуудагы табылгыс эмгек болду.

Майрамбек ТОКТОРОВ, "Кут Билим"

*Первое заседание Совета по науке, инновациям и новым технологиям при Премьер-министре КР (далее – Совет) 2 декабря 2015 года отметило, что «научная деятельность в стране не удовлетворяет потребностей отраслей экономики, не вносит существенного вклада в устойчивое развитие государства». Упомянутый Совет во всех последующих решениях, причем в разных составах, неизменно подтверждает данное утверждение. Этот неоспоримый факт и является первопричиной проведения реформ в научной отрасли.*

# РЕФОРМА НАУКИ: ПРИЧИНЫ, ЦЕЛИ И ПУТИ



Батыркул БАЕТОВ,
Секретарь Совета по науке, инновациям и новым технологиям при Председателе Кабинета Министров КР, доктор экономических наук, профессор, Заслуженный энергетик СНГ, Заслуженный экономист КР

По истечении трех лет, а именно 7 июля 2019 года, Совет протокольно поручал Министерству образования и науки КР:

- провести анализ деятельности научных организаций, финансируемых за счет государственного бюджета, и внести в Правительство КР конкретные предложения по их реформированию/оптимизации;

- принять исчерпывающие меры по повышению эффективности использования средств, выделяемых из государственного бюджета на науку, путем введения механизмов государственного заказа на выполнение научных исследований и децентрализации научной деятельности.

Обновленный состав Совета 28 декабря 2021 года в очередной раз признал «недостаточный вклад отечественной науки при решении актуальных вопросов социально-экономического развития страны. Основным критерием завершенности научных исследований впредь следует считать реальный их вклад в устойчивое развитие страны, а не многочисленные отчеты, публикации и конференции». При этом Министерству образования и науки вновь было поручено:

а) внести в Президиум Совета обоснованные предложения по кардинальной реформе научной отрасли с целью обеспечения резкого повышения вклада науки в устойчивое развитие страны;

б) повысить результативность научных исследований по государственному заказу путем введения в практику нормы обязательного наличия положительных решений коллегий государственных и соответствующих кенешей муниципальных органов по утверждению решений их научно-технических советов относительно: а) инициирования и б) установления эффективности научно-исследовательских работ, имеющих статус государственного заказа;

в) рассмотреть в приоритетном порядке заявки на участие работников государственных региональных университетов в конкурсах, проводимых ежегодно Министерством образования и науки КР за счет государственного бюджета, в целях децентрализации научной деятельности;

з) инициировать в установленном порядке обоснованное повышение оплаты труда/должностных окладов работников государственных научных учреждений.

Следует отметить, что из приведенных выше решений Совета на сегодняшний день в полной мере выполнен лишь пункт з), предусматривающий повышение заработной платы научным работникам, а остальные вопросы кардинального улучшения ситуации в отрасли, как говорится, и ныне там ...

Из решений Совета также следует, что главным оценщиком состояния научной отрасли и одновременно инициатором действий в сторону оздоровления отрасли является Совет при главном исполнительном органе страны, соответственно основным исполнителем его протокольных решений представляется уполномоченный государственный орган в сфере науки в лице Министерства образования и науки КР.

Если учесть, что под научной деятельностью понимается высокоинтеллектуальный труд, который не может быть выполнен даже весьма высококвалифицированными иными специалистами, то этот труд должен быть соответственно весьма высокооплачиваемым и принести огромную пользу заказчикам. Данное утверждение является аксиомой, не требующей доказательств.

В прошлой жизни, т.е. при Союзе, так и было – государство создавало соответствующие научные учреждения и планомерно загружало их работой, преимущественно госзаказом... К примеру, конкретно о нашем институте – в далеком 1963 году был создан Кыргызский научно-исследовательский отдел энергетики, в 1972 году для него было построено новое 4-х этажное здание общей площадью 5428 кв.м, где были обеспечены полнокровной, высокооплачиваемой, престижной в обществе работой свыше 300 высококвалифицированных специалистов. В 1990 году этот институт был реорганизован в Среднеазиатский НИИ энергетики, а в 1992 году в связи с развалом Союза – в Кыргызский НИИ энергетики, далее в 1996 году – в Кыргызский научно-технический центр по энергетике «Энергия», а в 2016 году – в НИИ энергетики и экономики при Министерстве экономики КР, ныне НИИ энергетики и экономики при Министерстве энергетики КР, в котором работают всего лишь 19 человек (в основном пенсионеры и молодые специалисты) со средней заработной платой порядка 7 тыс. сомов в месяц!

История нашего института является типичной для всех академических и отраслевых государственных научных учреждений, функционирующих со времен Союза. Их состояние можно охарактеризовать следующим образом. Финансируются они со стороны государства по остаточному принципу, в основном на зарплату, аренду помещений и приобретения канцтоваров. При таком раскладе ни о каком развитии речи идти не может, а остепененные научные работники будут вынуждены активно подрабатывать в вузах, бизнесструктурах, собственных хозяйствах, различных международных проектах...

Говоря о целях реформирования науки, следует концентрировать внимание на полезности научной и научно-технической продукции в жизни общества. Действительно, коли общество тратит перманентно огромную сумму на подготовку и аттестацию научных кадров, на содержание их самих и их семей, то оно должно и получить некие дивиденды в виде полезной продукции. Как было иллюстрировано выше на примере СССР, самодостаточные государства вкладывают в науку до 4,5% ВВП и получают ощутимую пользу, так как в современных условиях затраты в науку приносят эффект в десятикратном (!) размере.

При этом в западных странах уделяется достаточное внимание на фундаментальные науки, тогда как восточный мир с его наиболее развитыми странами, как Япония, Китай, делают упор на более прагматические дела – открытий здесь немного, однако использование сделанных другими открытий и изобретений поставлен на поток...

За всю историю наша академия наук сделала лишь два открытия, хотя в Союзное время выполняла немало заказов государства по решению ряда стратегически важных хозяйственных, технических и гуманитарных задач.

После обретения суверенитета академия наук, как и отраслевая и вузовская наука, была рада тому, что не испустила дух – заказов практически не было, госбюджетное содержание оказалось недостаточным, зарплата сотрудников мизерной, престижа никакого, молодежи нет, перманентное сокращение штатов, энтузиазм старших угасает...

Начиная с 2018 года, отрасль взяла курс на выполнение государственного заказа (для начала на госбюджетные средства, распределяемые Министерством образования и науки КР на конкурсной основе) и на децентрализацию научной деятельности, т.е. перевод центра тяжести научных исследований на решения задач регионов страны, следуя мировой практике.

Отсюда вытекает мысль о том, что основной целью проведения нынешних реформ в отрасли наука является повышение эффективности научной деятельности в широком смысле, а именно каждый затраченный сом в науку должен принести ощутимую пользу в виде экономического, социального, гуманитарного или иного реального эффекта, а не ложиться на полки в виде никому ненужных отчетов...

В качестве третьего блока задач данной статьи были обозначены пути проведения реформ кыргызской науки.

Совет полагает, что в первую голову необходимо государственную отраслевую политику и средства, выделяемые на науку, сосредоточить в одних руках, а именно в системе уполномоченного государственного органа в лице Министерства образования и науки КР. Сегодняшняя разрозненность, когда академия наук тянет на себя одеяло как верховная элитная научная госструктура, аттестационный блок перебрался уровнем выше и оказался «при Президенте КР», а госорган, ведающий изобретениями, прибился к «при Кабмине КР», госфинансами же независимо ни от кого ведает Минфин КР... Вот такой разнобой получается, все они формально не подчиняются уполномоченному госоргану в сфере науки и друг другу тем более, иначе говоря, получили крыловскую «лебедь, щука и рак» или «у семи нянь дитя без глазу».

В нашей компактной стране в недавнем прошлом все правительственные функции наконец были объединены вокруг первого руководителя страны, а почему у нас в отрасли наука должно быть множество указывающих в разные стороны «перстов»? К тому же, отраслевое законодательство предусматривает наличие единого Национального фонда науки для того, чтобы уполномоченный госорган в сфере науки мог правильно расставить точки над і в единой государственной отраслевой политике, затем правильно распределять госсредства и главное проследить/обеспечить эффективность вложения каждого сома налогоплательщика, направленного на науку.

В этой связи весьма разумным и совершенно обоснованным представляется позиция Министерства образования и науки КР по передаче с баланса на баланс отдельных государственных научных учреждений академии наук в ведение крупных вузов страны, в том числе региональных вузов. Те научные исследования, которые финансируются преимущественно государством, естественно, остаются в системе академии наук, а те научные исследования, которые должны финансироваться со стороны муниципалитетов и частного сектора могут быть в вузах, где сосредоточено три четверти остепененных научных кадров страны. Разумеется, и те, и другие могут претендовать на финансирование со стороны государства и международных организаций в случаях, если выполнят соответствующие конкурсные условия.

Сегодня в социальных сетях часто видим возмущения отдельных авторов от науки под общим лозунгом «Руки прочь от академии наук!». Такую бурю эмоций видим уж не первый раз! Люди не хотят потерять зону комфорта...

Академики получают пожизненную стипендию в 15000 сомов ежемесячно, член-корреспонденты же 7500 сомов. Не вдаваясь в подробности того, кто и как получил эти вожделенные звания, можно их понять, кому же хочется лишиться таких денег, поступающих на твой счет вне зависимости от твоей деятельности, лишь бы оставался живым...

Если эти крупные ученые являются действительно крупными специалистами, то пусть они берутся за ответственные участки стратегических отраслей (как в свое время академик С.П. Королев) и пусть получают немалые заработанные деньги, перечислят часть их в пенсионный фонд и обеспечат себе достойную старость. Как говорится, польза и обществу, и крупному ученому-специалисту.

В тех статьях и обращениях к руководству страны я не смог увидеть веские аргументы, кроме лозунгов и софистики. С другой стороны, никто не покушается на академию наук, она остается государственным учреждением со своим законом, финансированием, имуществом, сужает лишь свои исследования, делая акцент на преимущественное государственное финансирование. При этом никто отнюдь не отменяет ее конституционное право координировать «направления в сфере фундаментальных и прикладных наук». В то же время, такая координация должна проводиться в русле той государственной отраслевой политики, которую разрабатывает и проводит уполномоченный государственный орган в сфере науки, т.е. Министерство образования и науки КР, так как вся ответственность за состояния отрасли возложена на него.

Таким образом, на основании вышеизложенного, а также материалов трех последних заседаний Совета, можно сделать вывод о том, что Министерство образования и науки КР сегодня инициирует реформы в сфере высшей школы и отечественной науки в совершенно правильном направлении. Если и в этот раз дадим «задний ход», то наука и далее будет бесполезным занятием узкого круга умных лиц, которые, не отходя от этой кормушки, всю свою кипучую энергию направят на другие весьма доходные виды деятельности, обеспечивая себе и высокий статус в обществе, и материальное благополучие, причем за счет государства.

Нам нужно, чтобы человек, наделенный аналитическим умом от природы и недюжинными специальными знаниями от общества, оказался полезным кыргызскому обществу, а не превратился в умелый, скользкий, паразитирующий элемент на теле общества.

**КР эмгек сиңирген мугалими Карамат ОРОЗОВА:**

# "ФИЗИКА АГАЙЫМ МУГАЛИМ БОЛУШУМА ТҮРТКҮ БОЛДУ"

*"Эгерде кайра да кесип тандоо керек болсо, мен кайра эле мугалимдик кесипти тандамакмын", - дейт жарым кылымга жакын мугалимдик кесипти аркалап келаткан Бишкек шаарындагы №50 орто мектептин директорунун усулдук иштер боюнча орун басары, КР эмгек сиңирген мугалими Карамат Орозова.*

### АТАКТУУ АТАБЕКОВАНЫН КОЛУНАН ЖОЛДОМО АЛГАН

Карамат Масиралиевна 1954-жылы Ош облусунун Базар-Коргон районундагы Көк-Алма айылында жарык дүйнөгө келген. Азыр ал Талды-Булак айыл аймагы аталып калды. 1956-жылы башка конушка көчүрүшкөндө, үй-бүлөсү менен Өзбекстан менен чектеш Фрунзе ковхозуна көчүп барган.

Ал кезде Фрунзе атындагы колхоздо Социалисттик Эмгектин Баатыры Өлмөсхан Атабекова башкарма болуп турган экен. Кийинки жаштарга маалымат үчүн анын эмгектерин айта кетпесек болбос. Атабекованын колхозу түштүк жергесиндеги экономикалык жактан эң алдыңкы чарбага айланып, айдоо жери эки эсе, малдын саны 78 пайызга, сүт саап алуу беш эсе, жүн кыркып алуу эки эсеге көбөйүп, ар гектардан 24,6 центнерден пахта жыйналганын али күнчө аңыз кылып айтышат. Карапайым эмгегинин натыйжасында көптөгөн сыйлыктарга татып, жогорку кызматтарга жеткен Атабекова, 1958-1962-жылдары СССР Жогорку Советинин депутаты, 1959-1984-жылдары Кыргыз ССР Жогорку Советинин депутаты болуп шайланса, 1971-1975-жылдары Кыргыз ССР Жогорку Советинин төрагасынын орун басары кызматын аркалаган.

– Өлмөсхан Атабекова ошол мезгилдин талабына жараша 1970-жылы мектепти аяктап жаткан классташ кыздарымды чогултуп, комсомол жаштардын бригадасын түзгөнү эсимде. Акындар ырга кошуп ырдаган кадимки эле "Пахтачы 16 кыз" аталган - менин классташтарым. Өлмөсхан эжекебиз окууга идиректүү сегиз кызга жогорку окуу жайына атайын жолдомо даярдап бергенин да унутпайм. Ошол сегиз кыздын арасында мен да бар элем. Мен бала кезден догдур болсом деп кыялданчумун. Атам мени алыска чыгаргысы келбеди окшойт, Оштогу педагогикалык институтуна жиберди. Кайсы предметти тандасам деп деле көпкө ойлонгон жокмун, биздин мектепке жаңы барган физика мугалими Максутов Турат агайыбыздын таасири менен физика факультетин тандадым. Институтта алдыңкы студенттердин катарында жакшы окуп, группада комсорг болуп жүрдүм. Окууну аяктаганда Аксыга бөлүнгөн элем, бирок ошол кезде турмушка чыгып калдым. Себеби Түштүк жергесинин салтына ылайык мени кудалап коюшкан эле. Мен: "Азыр эски салт боюнча кудалап бере турган мезгил эмес" - деп каршы чыкканымда, атам: "Кызым, сен Фрунзеге барып Усубалиев менен кошуна болосуң, отун жагып, суу ташыбай турган кабат-кабат заңгыраган үйдө жашайсың" деп мени айбай көндүрдү (күлүп). Жолдошум Украинадан фармфакты аяктап, Илимдер академиясында иштеп жүргөн кези экен, атам айткандай эле Фрунзеде жашап калдым. Бирок кабат үйлөргө эмес, жолдошумдун Чоң-Арыктагы жер үйүнө келгенде, менин кыялымдагыдай көп кабаттуу үй болбоду деп капаланганым эсимде. Кийин байкасам, ал үй азыркы резиденциянын короосуна жакын салынган Луговая деген көчөдө жайгашкан экен. 1984-жылы жолдошумдун иштеген жеринен үй алууга кезеги келип, көп кабаттуу үйдө жашап калдым. Ошентип, атамдын айтканы кайсы бир деңгээлде дал келди окшойт, - дейт жылмайып.

### КЫРГЫЗ МЕКТЕП ИЗДЕП КЫЙНАЛГАНДА

Карамат Масиралиевна Оштогу педагогикалык институтту аяктап, атасы айткандай борборго келгенде, башка жагынан кыйналбаса да, иш табуу жагынан кыйынчылыктар болду. Тааныштар аркылуу иликтеп отуруп, Воронцовка айылындагы бир мектепке барса, ал орунду эбак ээлеп коюшуптур. Маанайы чөгүп, көзүнөн жаш кылгырып келатканда, алдынан тосуп чыккан жолдошу аны сооротуп, ошол тегеректен иш издөөнү улантууну сунуштайт. Себеби шаардын айланасындагы айылдардан гана кыргыз тилдүү мектеп чыкпаса, шаар ичинде №5 мектептен башка кыргыз тилинде окуткан мектеп жок эле.

– Ошентип менин алгачкы эмгек жолум 1974-жылы Аламүдүн районунун Воронцовка айылындагы мектептен башталды. Жолдошум Илимдер академиясында иштегендиктен, барып-келип иштөөгө туура келди. Эгерде ошол 1982-жылы автобус каттамы токтоп, жол көйгөйү жаралып калбаганда, дагы деле каттап иштеп жүрмөк белем, ким билет. Бир жылдай самосвал, жүк ташуучу чоң унаалар менен жол тосуп иштедим. Акыры кыйналганда, арга жок ал жумуштан чыгууга туура келди. Кайрадан жумуш издеп жүрүп, 1982-жылы №50 мектепке ишке орношуп калдым. Ошол бойдон ушул жерде байыр алып иштеп калганыма мына быйыл туура 40 жыл болду, - дейт Карамат Орозова.

Жогоруда айтылгандай, борбор калаада кыргыз тилинде окуткан мектептер дээрлик жоктугунан жана орус тилдүүлөр басымдуулук кылгандыктан, түштүктөн келген жаш мугалим үчүн адегенде орус тилин өздөштүрүү кыйын эле болду.

– Мага көптү үйрөткөн устаттарым, тарых мугалими, ушул мектеп жаңы ачылганда директор болуп иштеген Сейимгүл Жумагуловна, баштагыч класстардын китебин жазган Саткын Шайилдаевна ж.б. кыйын-кыйын эжейлеримден жеке эле мугалимдик кесиптин сырын өздөштүрбөстөн, таалим-тарбияда алдым десем болот. Ошол устаттарым мени такшалтты, тартипке көндүрдү. Өз кезегинде мектептин директорунун окуу иштери боюнча орун басары, мектептин профсоюз уюмунун төрайымы ж.б. милдеттерди аткарып жүрдүм. Эмгегим бааланып, билим берүүнүн мыктысы төш белгиси жана башка көптөгөн Ардак грамоталар менен сыйландым. Эмгек жамаатым менин көп жылдык тажрыйбамды сыйлап "КР эмгек сиңирген мугалими" наамына көргөзгөн экен, жакында эле ал сыйлыкты алган соң, дагы бир жоопттуу милдет жүктөлгөндөй сездим. Менимче, эмки биздин жоопттуу милдет – жаштарга насаатчы болуу милдети. Кийинки жаштарга, мугалимдик кесиптин каалгасын жаңы ачкан жаш адистерге өзүмдүн билгенимди үйрөтө алган болсом, демек, аз болсо да артымда айтылып калар эмгек калтырганым ошол, - дейт.

Карамат Орозова иштеген мектептен билим алып, турмушта ийгиликтерге жетишкен бүтүрүүчүлөрү арбын. Алардын бир ЖК депутаты Дастан Жумабеков, белгилүү журналист Мелис Эшимканов бир туугандары менен, акыйкатчы Атыр Абдрахматова, каржы тармагында эмгектенген Мирлан Байгончоков, Кубан Ташматов, өзүнүн кесибин жолдогон мугалим Сурия Иманалиева жана башка бир топтору мектептин, мугалимдердин сыймыгы.



### КАРАМАТ ЭЖЕЙДЕН ЧЫНЫГЫ МУГАЛИМДИН ПОРТРЕТИН КӨРӨБҮЗ

Ар бир адамдын жашоосунда биринчи кадамы, биринчи сүйлөгөнү, биринчи класска барганы, биринчи мугалими сыяктуу биринчи орунда турган адамы болот эмеспи. Чындыгында турмушта кездешкен адамдардын баарын эле эстеп кала албайсың, керек болсо, сен үчүн чоң жакшылык кылган адамды да унутта калтырып коюшуң мүмкүн. А бирок сен кайсы бир учурда жакындан тааныш болуп, бирок кийин таптакыр кездешпесең да, кез-кезде кылт этип эсиңе түшүп, ошол кездеги элеси менен кыт куйгандай уюп калган адамдар болору да ырас. Мына ошондой адамдардын бири – физика мугалими Карамат Масиралиевна дешет, ал окуткан мурдагы окуучулары.

– Ушул жазда бир кыйла адамдар баалуу сыйлыктарды албадыбы. Телевизордон кабарларды көрүп отуруп, көзүмө биздин Карамат эжейибиз чалдыгып калды. Дароо тааныдым. Эжейимдин элеси мени мындан 40 жыл мурдагы окуучулук күндөрүм көз алдыма тартылды. Кара көз, кара каштуу, баскан-турганы зымга тизгендей сымбаттуу, коюу кара чачтарын желкесине түйүп койгон, ар дайым ууртан жылмаюу кетпеген, ошол эле учурда абдан сүрдүү, өзүнүн предметин мыкты деңгээлде билген эжейимди эстегенде, чыныгы мугалимдин портрети так мына ушундай болуш керек деп, кийин да башка мугалимдерден да ушундай сапаттарды издеп, салыштыра берер элем, - дейт, Карамат эжейдин мурдагы окуучуларынын бири, врач-стоматолог Замира Бекботоева.

– 1976-1977-окуу жылында Аламүдүн районунун Воронцовка айылындагы мектепте бир жыл Карамат эжейдин колунда окуп калдым. Ал абдан жөнөкөй, ошол эле учурда талапты катуу койгон, ар бирибизге энелик мээрими төгүлүп турган аялзаты эле. Көрсө, анда эженин тал чыбыктай жаш кези экен. Өзүбүз барактагын ак барактай таза окуучулук куракта жакшы-жаманды айырмалаганга чамаң жетпеген боз улан кезиң болсо да, жакшыны көкүрөгүң менен сезип, туя билген, жасалма мүнөз күтө элек кезиң болот экен. Мен Карамат Масиралиевнаны мыкты аялзаты, мыкты педагог, төрт тарабы төп келишкен мыкты адам катары ар дайым эстейм, - дейт, Карамат Орозованын мурдагы окуучуларынын дагы бири, учурда Баткен районунун Кара-Токой айылында жашаган Кабылтай Файзуллаев.

Мына, мугалимдик чыйырдан башталган өмүр сересинде өзү окутуп, тарбиялаган окуучуларынын берген баасы. Мугалим үчүн мындан артык сыйлык, мындан артык кадыр-барк болбосо керек, менимче.

### НЕБЕРЕМ ТООЛУУ НАРЫНДА ОКУГАНЫНА СЫЙМЫКТАНАТ

Карамат Масиралиевна жолдошу Мамат Орозов экөө эки уул, бир кызга татыктуу билим тарбия берип чоңойтту. Кызы Ажар гана атасын жолдоп фармацевт тармагын тандады. Улуу баласынын өмүрү кыска экен, 44 жашында оорудан каза болгон. Экинчи баласы учурда үй-бүлөсү менен Чикагодо жашайт.

– Жолдошум Илимдер академиясында, медакадемияда иштеп жүрүп, бизнеске өткөн эле. 2010-жылы бийлик тарабынан туура эмес иштер болуп кысымга кабылгандан кийин, ден соолугунан жабыркап 2014-жылы каза болуп калды.

– Улуу неберем Ата-Түрк Ала-Тоо университетинин психология факультетинде окуйт. Кийинкиси Борбор Азия университетинин Нарындагы кампусунда бюджетте IT адистигинде окуйт. Кызым Нарындан келген сайын: "Апа, Нарындын абасы таза, асманы чайыттай ачык, көпкөк, тоолуу аймактын артыкчылыгы кандай сонун!" - деп суктанып бүтпөйт, каникулга келгенде кайра кеткенге шашат, - дейт күлүп.



Айнагүл КАШЫБАЕВА, "Кут Билим"




# К 100-ЛЕТИЮ ГЕРОЯ СОВЕТСКОГО СОЮЗА

# ЧОЛПОНБАЯ ТУЛЕБЕРДИЕВА


Чолпонбай

**ДОРОГИЕ СЫНЫ НАШИ!**

**Историко-архивный фонд, например, исторического музея, хранит публицистико-документальные источники Великой Отечественной войны.**

**В данной публикации представлены фрагменты-эпизоды, фактически соответствующие поставленной тематике.**

## ПИСЬМО БОЙЦАМ-КИРГИЗАМ ОТ КИРГИЗСКОГО НАРОДА

К вам, славные воины-киргизы, и всем, защитникам Сталинграда, к вам доблестным участникам битвы за Кавказ, к вам героям-панфиловцам, мы обращаем свой голос горячего привета...

...На войну пришёл Дуйшенкул Шопоков, чтобы стать бессмертным. Как лев воюет Калмурза Джусабаев, метко ложатся пули снайперов Куянкурова и Адыкова. Не устрашили немецкие танки политрука Булатова, и над полем брани победно реет дух Чолпонбая Тулебердиева, своим молодым телом, закрывшего отверстие немецкого дзота...

...Дорогие наши сыны, любимые мужья и братья! Вы наша надежда, вы - наш крепкий оплот, вы наша богатырская застава...

...Будьте достойны великой освободительной миссии, выпавшей на вашу долю... Ваша Родина всегда с вами, дорогие сыны!»

**И Чолпонбай стал «надеждой», «оплотом», «богатырской заставой».**

И сегодняшний подросток, сросшийся в единое целое с сопровождающим его другом-мобильником, порою, пропускает мимо, данного свыше дара мировосприятия, самое главное в преемственности жизненно-глобальных проблем своей семьи, рода, династии.

Быть может, пока ещё есть кому, иногда, ненавязчиво, оберегая психику будущей личности, осторожно переключать компьютер с кипящим интернетом и обращать внимание вундеркиндов на героическое прошлое их дедов-прадедов, отцов. Юное поколение с уважением должно отнестись к высоким помыслам, чаяниям сверстников-соотечественников, которые в свои 15-16 лет столкнулись лицом к лицу с Великой войной, став в двадцать лет ее героями. И они оставили незабвенный след в истории и в памяти народной.

Приобщение нынешнего юношества к героическому прошлому способствует нравственно-патриотическому воспитанию молодого поколения.

## НАЧАЛО...

Свою первую награду он получил за первенство в конных скачках Алан – байга. Было Чолпонбаю 17 лет. Вручили ему районную Почётную грамоту и карманные часы. Как рады были его успеху мать Сураке и четверо братьев, выросших, пусть в бедной, но дружной и трудолюбивой семье. С малых лет рядом с матерью, труженицей колхоза и старшим братом Токошом, они вносили свои доли в коллективный труд сельчан.

Шёл 1941-ый год. Вот-вот сданы экзамены. Семья разглядывает свидетельство об окончании семилетки, и Чолпонбай мечтает продолжить учёбу в столице. Старший брат поддерживает поездку во Фрунзе. Впереди была вся жизнь.

Шёл 1941-ый год... И, как яростным громом, в летний солнечный день по подножьям Карамоло, по крутым берегам Кара-Буры, по всей Карабуринской равнине разнеслось злобное и бесчеловечное ... вой-на-а-а !

Аильчане уходили на войну. И Тулебердиевы провожали старшего и любимого сына и брата Токоша. После смерти отца, чуть повзрослев, он стал опорой семьи. Добрый, ответственный всегда во всём и за всё, он был примером для младших. Вот и сейчас, успел достроить сарай и перекрыть крышу соломой, отремонтировать двери, поправить косяки, привезти с мельницы мешок муки. Уходил на войну. Молча плакала мать.

Время бывает порою безжалостным. Почтальон тихо занёс печальную весть. Мать протянула горестную похоронку Чолпонбаю.

*«...Ваш сын Токош Тулебердиев, верный присяге и воинскому долгу, 30 октября 1941 года пал смертью храбрых в бою против немецко-фашистских захватчиков, у села Ашевского Калининской области. Похоронен в братской могиле села Ашевского».*

Теперь Чолпонбай был готов попасть на фронт. Мстить за брата, за слёзы матери. В военкомате отказали. Возраст. Его день ещё не наступил. И вот пришёл. Наступил. Молодой колхозник Чолпонбай Тулебердиев стал красноармейцем. Вновь матери Сураке пришлось проводить на войну уже второго сына. Слёзы скатывались по морщинистым щекам. Дома оставались братья и на соседней улице девушка Гульнара.

Сколько было на кыргызской земле матерей, проводивших сыновей на великую битву и ожидавших их с Победой!

## БЕРЕГА ДОНА

В декабре 1941 года Ч. Тулебердиев прибыл на Воронежский фронт, и был зачислен в девятую роту, в шестьсот тридцать шестой полк. И солдаты, защитники Родины, стали для Чолпонбая верной героической семьёй. Полк расположился на восточном берегу Дона, и стояла задача форсировать реку и занять стратегические пункты. Путь советским воинам преграждал вражеский дзот на высоком берегу Дона.

- 1942 год. 6 августа погиб, закрыв своим телом амбразуру фашистского пулемёта. Чолпонбай Тулебердиев... Ему было 20 лет...

- 1942 год. « Боевая тревога», ежедневная красноармейская газета от 18 августа с фактическим адресом ПП 2023, подписанная редактором М.Разминым. Призыв газеты отражает дух времени: *« Смерть фашистским оккупантам», «Воины Красной Армии! Ваш святой долг – отстоять нашу землю, спасти Родину, истребить и победить ненавистного врага».*

Ниже напечатаны две статьи о нашем земляке – солдате, защищавшего Родину.

## ПОДВИГ

*«Сегодня мы печатаем о героическом подвиге красноармейца Тулубардиева, и образ героя зовёт на подвиги, отражающие величие нашей героической эпохи, и непреклонную силу народов Советского Союза, объединённых одной целью - во что бы то ни стало победить иноземных захватчиков, отстоять честь, свободу и независимость социалистической отчизны».* (отрывок из газеты «Боевая тревога»)

В том же номере фронтовой газеты «Боевая тревога» напечатан очерк батальонного комиссара В.Мурадяно: *«Боец Тулубардиев своим телом загородил амбразуру фашистского дзота. Фашистские пулемётчики, «кукушки», засевшие в дзоте, стремились прервать переправу. И самоотверженный патриот своим телом загородил амбразуру дзота.*

*Два его товарища, воспользовавшись замешательством врага, расстреляли расчёт вражеского пулемёта и жестоко отомстили фашистским мерзавцам за смерть героя. Поступок Чолпонбая вдохновил бойцов. Они переправились через Дон, чтобы скорее встретиться с ненавистным врагом, разбить, разгромить, и уничтожить его.*

*Под залпами артиллерийского огня фашистам пришлось отступить».*

-1943 год. 4 февраля за мужество и отвагу Чолпонбай Тулебердиев посмертно удостоен звания Героя Советского Союза.

Приказом министра обороны СССР Чолпонбай Тулебердиев навечно зачислен в списки Н – ской воинской части.



## МОЛОДОГВАРДЕЙЦЫ

### «...Из плеяды двадцатилетних...»

Газетные листы с очерком о Чолпонбае расходились по фронтам с призывом и обращением: *«Товарищ боец! Твой брат и друг красноармеец Тулубардиев погиб, но бессмертный образ зовёт к подвигам».*

Представить Великую Отечественную без отцов, дедов, братьев, сестёр, друзей – невозможно. Всех объединило Отечество. Рядом, плечом к плечу, шли по суровым дорогам Великой старшее поколение, их дети и внуки.

Со школьной скамьи знаем, помним молодогвардейцев. Имена Олега Кошевого, Любови Шевцовой, Ульяны Громовой, Ивана Земнухова, Сергея Тюленина, овеянные высокой нравственно – духовной силой и несмолкаемой славой, вошли, и остались в истории Великой Отечественной войны и в памяти народа.

Осталась и 18-ти летняя Зоя Космодемьянская, первая женщина, удостоенная (посмертно) звания Героя Советского Союза. Это она бросила в лицо фашистам: *«...- Вы сейчас меня повесите, но я не одна... Нас двести миллионов..., всех не перевешаете».*

В 17 лет столкнулся с войной младший брат Зои, Герой Советского Союза Александр Космодемьянский. Погиб в 20. Через три недели пришла долгожданная Великая Победа.

Ушли в мир бессмертья ровесники и товарищи по оружию и защите Родины Чолпонбая Тулбердиева. Ушли, *«... не долюбив, не докурив последней папиросы...».*


Бессмертный образ Чолпонбая Тулебердиева явился примером, и вдохновил многих на подвиги.


Александр Матросов

- 23 февраля 1943 гола шёл жестокий бой за деревню Чернушки Псковской области. И, знакомый нам, со школьной скамьи, комсомолец, воспитанник детского дома г. Уфы, легендарный солдат Калининского фронта Александр Матросов своим телом закрыл вражеский дзот. И товарищи по оружию прорвались, и двинулись вперёд.

В Уфе Герою Советского Союза (посмертно) поставлен памятник. Похоронен в Великих Луках, там же открыт мемориал. Александру Матросову посвящены произведения литературы, искусства, фильмы.

Они, ушедшие в бессмертье были из славной плеяды двадцатилетних, и остались в летописи Великой Отечественной войны и в памяти народной. Выше прозвучала строка поэта и солдата Николая Майорова из то же жизненной колеи.






**Память – мера человеческой личности её духовности**

*Ч. Айтматов.*

Помнят героя, нашего земляка, из плеяды двадцатилетних, помнят и чтят в России. В селе Селявном Воронежской области, где погиб батыр Чолпонбай, воздвигнут памятник.

- 21 ноября 1987 года в Воронеже была открыта Аллея героев. В музее истории установлен памятник Ч. Тулебердиева, выполненный в граните.

- 2 ноября 2012 года делегация от нашей республики поклонилась памятнику героя на Лысой горе, близ села Селявное, и могиле героя. Они удивились: как по высокой, отвесной горе, оправдывавшей своё название, под непрерывными залпами вражеского пулемёта, дополз, и уничтожил его боец Ч.Тулебердиев? Сказалось подростковое детство. Лазать с друзьями из высокогорного села Чымгент по горам и устраивать там мальчишеские игры.

Знаем, помним, и чтим память легендарного нашего земляка и мы, кыргызстанцы. В отчем крае действует мемориальный музей. В Бишкеке на Аллее героев установлен его бюст. 7 мая 2020 года в столичном парке был открыт памятник Герою Советского Союза Чолпонбая Тулебердиева. Парк и одна из улиц города носят его имя.

**Феномен вечности заключается в бессмертии идеи и духа**

*Ч. Айтматов.*

**Осмонкул Болебалаев** *(акын)*

Я заветную песнь спою,
Вы послушайте до конца.
В белых скалах в нашем краю
Белый сокол родил птенца

Львиным было сердце его,
Вскоре стало оно стальным,
Чолпонбаем звали его,
Храбреца великой войны ..

Был рождён, чтобы стать волной
На пути потоков огня ..
Пулемёт стоял высоко:
«Кто один на него пойдёт? –
Разрешите мне!» -
Говорит Чолпонбай
Бесстрашный джигит ..

Грудью он закрыл пулемёт,
Преградил дорогу огню,
Так батыр погиб за народ,
И открыл дорогу вперёд

**И рванулись друзья за ним.
Чолпонбай врага удивил,
Чолпонбай друзей вдохновил ..
Враг, поверженный в прах, лежал,
Враг, повергнутый в страх, бежал!
Так прославил киргизский край
Наш земляк батыр Чолпонбай.**

***1943 г. (перевод М.Ватагина, в сокращении)***




## ПАМЯТЬ

В одной из публикаций, посвящённой очередной дате начала Великой Отечественной войны («СК», *«Победа будет за нами»*, 22 июня 2021 г.) без излишних ссылок, комментариев, перелистав страницы документальной хроники военных лет, были названы имена Героев Советского Союза – кыргызстанцев из плеяды 20-ти летних, ровесников Чолпонбая Тулебердиева.

Считаю, возможным, назвать имена легендарных наших земляков и на страницах «Кут Билима» с целью познакомить сегодняшнее юношество с теми, кто встретился с Великой войной в 15-16, и стал ее героем в 20 лет, защищая Родину.

Вот имена Героев Советского Союза, ушедших в бессмертье...

- В начале Великой войны **Асанбеку Оторбаеву,** из села Чат-Базар Таласской области, было 16 лет. В 18 добровольцем ушёл на фронт. Воевал на Ленинградском и Украинском фронтах. Погиб при форсировании реки Одер. Обвязав себя гранатами, шагнул под фашистское чудовище.
- На белорусском фронте воевал девятнадцатилетний **Маннаф Аубакиров,** татарин из Кочкорки. Погиб старший сержант в боях на берлинском направлении.
- Добровольцем ушёл и воевал на Прибалтийском **Тукубай Тайгараев** из Сузака. Погиб сержант, помощник командира, комсорг роты на латвийской земле. Было ему 19 лет.
- На Воронежском фронте воевали гвардии старший сержант, командир стрелкового полка **Иван Пономарёв** из Калининского района и гвардии сержант, наводчик орудия **Павел Свечников** - из Сокулукского.
- Не вернулся с войны гвардии ефрейтор, пулемётчик **Асаналиев Джумаш** из Джети-Огуза. Погиб в боях при форсировании Западной Двины. Было ему 19 лет.
- Погиб под Гомелем младший лейтенант, командир стрелкового взвода 20-ти летний **Пётр Акуционок,** белорус из Таш-Кумыра.
- На Северо-Кавказском фронте воевал и погиб десантник, парашютист, разведчик **Григорий Выглазов** из Алайского района.
- В воздушном бою под небом Львова погиб отважный лётчик-штурмовик **Евгений Михайленко** из Пржевальска.
- Погиб, защищая, Польшу, лейтенант, командир батареи **Пётр Колесников.** Ушёл на фронт с берегов мирного лучезарного Иссык-Куля. Было ему двадцать лет.

Старшие поколения знали и помнили имена **Чолпонбая Тулебердиева** с Воронежского фронта и **Александра Матросова** с Калининского фронта, совершивших одинаковые подвиги. 6 августа 1942 года Ч.Тулебердиев закрыл собою амбразуру фашистского дзота. Свой подвиг 23 февраля 1943 года совершил А.Матросов.

**Тимур Фрунзе.** Да, родился не в Кыргызстане. Но он близкий и родной нам человек. Его отец, Михаил


Тимур Фрунзе

Васильевич Фрунзе, пламенный революционер, легендарный полководец, государственный деятель, товарищ по партии В.И.Ленина, интернационалист, один из основателей Красной армии, родился, и вырос на кыргызской земле. С его именем связана история нашего государства. С двух лет Тимур воспитывался в семье друга отца Клима Ефремовича Ворошилова. Сын двух великих отцов не мог оставаться за межой войны. В воздушном бою, сбив два фашистских истребителя, под небом Старой Руссы погиб Герой Советского Союза Тимур Фрунзе. Ему не было ещё девятнадцати...

Вот ещё имена героев-защитников Родины из поколения двадцатилетних, погибших за несколько дней до Великой Победы.

- 1 мая 1945 года в боях за Берлин погиб гвардии старший сержант уроженец Лейлека - Самат Садыков.

- 2 мая 1945 года командир батареи, гвардии капитан Василий Степаненко из Беловодска. Было ему девятнадцать лет.

- 5 мая 1945-го погиб гвардии старший лейтенант, храбрый лётчик, совершивший более 160 боевых вылетов на самолёте Пе-2 Николай Мирошниченко из села Садового Московского района.

Ушли юные, молодые, красивые, талантливые, мужественные, верные священному долгу перед Отечеством, преданные заветам отцов, оставив глубокий след на родной земле.

О Героях Великой Отечественной войны сложены стихи, песни, созданы повести, романы, фильмы.

Воспет по горячим следам и подвиг Чолпонбая Тулебердиева в стиле и духе народной песни.

Марьям ИРИСОВА,
отличник народного образования КР, лауреат Международной премии клуба литературы и искусства Ч. Айтматова

# КАРА-ТОКОЙДУН КАМКОР ДИРЕКТОРУ



*Тажиктер кол салган күнү Баткен районунун Кара-Токой айылына чек арага жакын айылдардан жана Баткен шаарынан жети миңге жакын киши качып барган. Алардын көбү айылдагы үйлөргө жайгашса, үч жүздөйү айылдын мектебинде жашады. Гуманитардык жардам келгенче аларды үч маал ысык тамак, күнүмдүк керектелүүчү каражаттар менен камсыз кылууда, психологиялык жардам берүүдө Буркан Мергенов атындагы орто мектептин директору Гайназаров Ибраимжан опол тоодой иш жасады. Ал өз үйүндө да жетимиштен ашуун кишини бир жума эч нерседен кем кылбай бакты.*

Ибраимжан Токтоназарович 16-сентябрда чек арада атышуу башталды дегенде эле эмгек жамаатын чогултуп, жыйын өткөрүп, мекендештерин тосуп алууга даярдык көрө баштаган. Ал күнү айылга эки миңдей киши келген. Баарын айылдагы үйлөргө, калганын мектепке жайгаштырып, гуманитардык жардам келгенче үч маал ысык тамак уюштуруп, кем-карчыларын толуктап турду.

– Биринчи күнү келгендердин бардыгын айыл башчысы, мектептин мугалимдери менен биргеликте айылга жайгаштырып, ысык тамак берип жаттык. Кечки тамакты болсо айыл эли менен биргеликте даярдадык. Элден айланса болот. Бир заматта бардык иштерди уюшкандык менен бүтүрүп коюп жатышты. Мугалимдердин да жаны тынган жок, - дейт Гайназаров Ибраимжан.

Айылга Бишкектен психологдор барганча өзү психолог уулу менен биргеликте балдар менен иштешип, кырдаалды жөнгө салууга аракет кылып жатты. Коркуп калган элди, балдарды алаксытуу үчүн түрдүү иш-чараларды уюштуруп, ар бир бала менен психолог катары жеке иштешкенге да жетишти.

– Качкындарга тиешелүү шартты түзүп берүүдө мектептин эмгек жамааты бир топ иштерди аткарды. Бул иштерди уюштурууда мектеп жетекчиси Гайназаров Ибраимжандын эмгеги зор. Агай дароо мектепте өзүнчө медициналык бөлмө уюштуруп, алгачкы тез жардамга муктаждарга жардам берүүгө шарт түзүп берди. Борбордон келген психологдорду үйүнө жаткырып, аларга мектептен атайын бөлмө уюштуруп берди. Балдарды алаксытуу үчүн музыкалык оюндарды, спорттук мелдештерди өткөрүп жатты. Ошондой эле айылга келген гуманитардык жардамдын бөлүнүшүн да көзөмөлдөөдө чоң иш аткарды,
- дейт мектептин соцпедагогу Амираев Колчубек.

## КАРА-ТОКОЙДУН КҮЖҮРМӨН УУЛУ

Гайназаров Ибраимжан ушул Кара-Токой айылынын кулуну. 1988-жылы мектепти бүткөндөн кийин Орусиянын Чита шаарында атайын медициналык алты айлык окуусун аяктап, Монгол-Кытай чек арасында аскердик медициналык кызмат өтөгөн. 1993-1998-жылдары ОшМУнун филология факультетин аяктап, 1994-1995-жылдары ОшМУнун студенттик «Нур» гезитинде иштеген. 1996-жылдары Баткен райондук «Кызыл-Туу» гезитинин социалдык-маданий жана адабий бөлүмүн жетектеген. 1997-2001-жылдары Кара-Токой гимназия мектебинде иштеп, 2001-жылы БатМУга сынактык негизде өтүп, 2005-жылга чейин педагогика, психология кафедрасында иштеген. 2006-жылдан 2011-жылга чейин Москва шаарында мигрант болуп, 2011-жылдан баштап Баткен көп тармактуу, Баткен педагогикалык колледждеринде психолог болуп эмгектенди. Кара-Токой айылындагы Б.Мергенов атындагы орто мектебинде 2019-жылдан бери директорлук кызматты татыктуу аркалап келет. Учурда ОшМУда психолог адистиги боюнча магистратурада окуйт.

Ал беш баланын татыктуу атасы. "Аккан арыктан суу агат" демекчи, уулу Жумабек да бүгүнкү күндө Баткен районунда таанымал психолог. Кыйын күндөрдө атасы менен биргеликте жүздөгөн балдарга, ата-энелерге жардам көрсөттү.



## МЫКТЫ МЕНЕДЖЕР

Мектепке жетекчи болуп келери менен Ибраимжан агай мектептин материалдык-техникалык базасын чыңдоого көңүл бөлүп, эл аралык уюмдар менен иштешип, кыска мөөнөттө миллиондогон каражаттарды тартты. Аскар Салымбековдун жардамы менен мектептин спорт залын, жыйын залын бүтүрүп, былтыр бир миллион сомго 108 кв. м. аянттагы ашкананы заман талабына ылайык ремонттотуп, ишке киргизди. Быйыл 350 миң сомдук спорт буюмдарын долбоордун негизинде алып жатат. Мектеп компьютер, спорт инвентарлары менен толук камсыз болгон.

– Мен келгенде мектептин окуу аянты 450 кв. метр болчу. Бүгүнкү күндө 1912 кв. метрге чейин кеңейттим. 150 орундуу быйылкы жаңы окуу жылында пайдаланууга берилген эки кабаттуу имаратты жасалгалоого демөөрчүлөрдү таап, 300 миң сомго жакын каражатка заман талабына ылайык жасалгалап алдык, - дейт жетекчи.



Ибраимжан агай мектепке директор болуп келгенден баштап мугалимдерге жана окуучуларга кеңсе товарларын акысыз берип келет. Бардык сынактарда жеңүүчүлөр байгесиз калбайт. Аймактык, райондук олимпиадаларда мугалимдердин жана окуучулардын жол акысын, тамак-ашын да дайыма өзү каржылайт.

– Аймактык, райондук олимпиаданын жеңүүчүлөрүнө акчалай сыйлыктар бекитилген. Ош, Кызыл-Кыя шаарында өткөн эл аралык мелдештерге спортчу окуучуларын өзү алып барып келген. Алар үмүтүбүздү актап чемпион болуп келишти, - дейт Амираев Колчубек.

Ибраимжан Токтоназарович айылдык кеңешке эки жолу депутат болуп шайланып, айылдын социалдык-маданий маселелерин чечүүдө да зор эмгек кылып келет. Чек арадагы дарыя нугун бирдей кармоодо, көчөлөрдү оңдоп, жарыктандырууда, бала бакча курууда, жайыт маселесинде, чек араны сактоо, тактоо иштеринде бир топ иштерди жасап, көпчүлүгүнүн ишке ашышына түздөн-түз салымын кошкон.

Чолпон КИЙИЗБАЕВА, "Кут Билим"

# ТАТЫКТУУ МУГАЛИМ БОЛГУМ КЕЛЕТ



**_Жөжөнү күздө сана демекчи, сентябрь айынын келиши менен мектептер окуучулардын шаңына эле бөлөнбөстөн, жигери күчтүү, билими татыктуу болгон кадрлар менен толукталды. Быйылкы жылы окуу жайларга педагогика багытындагы кесиптерге тапшыруу өзгөчө орунда болсо, мектепке жаш адистердин келиши дагы абдан кубандырууда._**

Республиканын мектептерине миңден ашуун кадрлар бөлүнүп, окуган кесиптерине жараша эмгек жолун баштоодо. Албетте, окуу жылы аяктаар кезде көтөрүлгөн айлык акы иштеп жаткан мугалимдерге стимул болгону дагы талашсыз. Ал эми жаш кадрлардан мугалимдик кесипти тандоосунун себеби эмнеде деген суроого жооп алганда, аларга бул кесиптин кадыры айлыктын көбү-азынан көз каранды эмес экени билинди.

– Мен Нарын шаарынын №1 Токтогул Сатылганов атындагы орто мектебинде окугам. Азыркы учурда №64 гимназия-мектебине 2022-жылдын сентябрь айында 8-9-класстарга черчение жана 5-6-класстарга эмгек сабактарынан мугалим болуп дайындалып иштеп баштадым. Мугалим – ардактуу кесип, андыктан мектепке келип иштегениме сыймыктанам. Мурда көптөгөн жаштар диплом алып эле чет өлкөлөргө чыгып кетишчү эле, азыр мектепте иштөөгө мүмкүнчүлүктөр көп, - дейт Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин "көркөм сүрөт" бөлүмүнүн бүтүрүүчүсү Ибарат Амангелдиев.



Бегайым БЕЙШЕНБЕКОВА



БАКЫТ уулу САНСЫЗ



Ибарат АМАНГЕЛДИЕВ



Асем МИРБЕКОВА

– Быйыл Нарын мамлекеттик университетин бүтүп, дипломумду алып Бишкек шаарындагы №69 ОТК келип, башталгыч класстардын мугалими болуп иштеп калдым. Кесип тандоодо эч кыйналбай эле мугалимдикти тандап кеттим. Анткени мектепте окуп жүргөн кезде эле, эжекелерге көп жардам берип жүрүп кызыгуум артты көрүнөт. Азыр 1-классты окутуп, иш сапарымды баштоодомун. Классымда 38 окуучу бар. Албетте, кыйынчылыгы дагы, кызыгы дагы бар. Бирок чымырканып, билбегенимди сурап аракет кылып жатам. Мугалим болгондон кийин бала менен, ата-эне менен, коомчулук менен мамиле түзүүнү туура жолго салууну үйрөнүш керек экен. Бул кесип – менин кыялымдагы кесип эле, окуп, алган билимимди тандаган кесибиме жумшап, татыктуу мугалим болгум келет, - деди башталгыч класстын мугалими Бейшенбекова Бегайым.

Асем Мирбекова мугалимдик тажрыйбасын студент кезде эле такшалтып баштаган. Ал 3-курстун студенти болуп туруп, Бишкек шаарындагы №86 мектепте мугалимдик кесиптин түйшүктүү, бирок сыймыктуу экендигине ынанган. Нары окуп, нары таза сезимдүү балдар, аруу чөйрөдө иштеп жатып, бул кесипти чын дилден жактырат. Ар бир кесип ардактуу, бирок мугалимдик кесип кесиптердин эң ардактуусу деген ишеним бекем орногон.

– Казарман айылын-дагы Макмал орто мектебин аяктап, БГУнун славян таануу факультетинин, филология бөлүмүнүн студенти болдум. Окуумду аяктаган соң быйылкы 2022-2023-окуу жылын Тогуз-Торо районунун Казарман айылындагы №2 А.Абдраимов атындагы жалпы билим берүүчү орто мектебинде орус тили жана адабияты мугалими катары баштадым. Менин бул кесипти аркалап калышыма үй-бүлөмдөгү апамдын жана таятамдын таасири чоң. Анткени бул адамдар өз кесибинин мыкты адистери, балдардын сүйүктүү эже-агайлары. Келечекте өз айылымдын балдары татыктуу билим алышына өз салымымды кошом деп максат койдум, - дейт Асем Мирбекова.

Жаштардын чет өлкөгө чыгып, материалдык абалын турукташтырып алып, кайрадан мекенине кайтуу кыялдары жашыруун болбосо керек. Бакыт уулу Сансыз дагы мекенден алыс жерди көрүүгө куштар болуп жүрдү. Ысык-Көлдүн Ак-Суу районундагы Абдыш Ракымов атындагы орто мектебинин 9-классын аяктап, Бишкек шаарынын, Таштан Эрматов атындагы музыкалык педагогикалык колледжине студент болот. Колледждин педагогика сабагынан берген Кутманалиева Динара эжейинин методикалык, педагогикалык устаттыгы жана жалпы эжей-агайларынын мамилеси өспүрүмдүн мугалимдик кесипке көз карашын өзгөрттү. Мугалим эң бийик деңгээлдеги кесип деген ата-эненин насааты, баланын чет өлкө жөнүндөгү кыялын желдей учурду.

– Мен мугалим болуп калууну чечтим. Практикага барып жүргөн кезде өзүмдү таптым деп кубандым. Анан ошол практикага барып жүргөн №64 мектепке мугалим керек болуп, келип орношуп иштеп калдым. Окуучулар менен тил табышып кетишим, сабакты түшүндүрүшүм кыйынчылык жараткан жок. Өзүм клавишалык инструменттерде ойнойм (аккордеон, пианино). Сабактарымды кызыктуу кылып өткөнгө аракет кылам. Көрсө, мугалим болуу максатым жүрөгүмдө терең катылып жүрүптүр, - дейт №64 мектептин музыка мугалими Бакыт уулу Сансыз.


Билим берүү жана илим министрлигинин кадрлар боюнча берген маалыматына караганда, бүгүнкү күндө республиканын билим берүү уюмдарында 80845 мугалим эмгектенүүдө.

2022-2023-окуу жылына карата жалпы республика боюнча 4373 жаш адистер педагогикалык кесипке ээ болду. Анын ичинен: 1904 адис бюджеттик негизде жана 2469 контракттык негизде аяктады.

Учурда Баткендеги кырдаалга байланыштуу, жаш мугалимдер өз салымдарын кошуп кан тапшырып, ошондой эле онлайн окутуу керек болсо, жардамыбызды аябайбыз деп бир добуштан айтууда.

А.АСАНАЛИЕВА, "Кут Билим"

**_2022-жылдын 15-сентябрындагы маалымат боюнча: 1801 жаш мугалим мектептерде иштөөдө. Баткен облусуна – 173 жаш адис, Талас – 75, Чүй – 206, Ош облусу – 213, Ош шаары – 67, Ысык-Көл – 110, Бишкек - 594, Нарын – 42, Жалал-Абад – 321. Ал эми 931 мугалим республиканын мектептеринде жетишсиз болуп жатат: Баткен облусунда – 113, Чүй – 253, Бишкек шаарында – 235 мугалим, Ысык-Көл – 41, Талас – 30, Жалал-Абад – 134, Ош шаары – 23, Ош облусу – 91, Нарын – 11._**



# УЛУУ-ТООЛУК УСТАТ МУГАЛИМ

***Кыргыз элинин улуу жазуучусу Ч.Айтматов: "Мугалим – жакшылыктын энеси" - деген учкул сөзү бүгүнкү күнү накыл кепке айланды. Мен бул баянымда Ноокат районуна караштуу Улуу-Тоо толук эмес орто мектебинде директор болуп иштеп, ардактуу эс алууга чыкканына карабастан, орус тили мугалими болуп иштеп жаткан, жаш педагогдордун насаатчысы Абдиназар Эргешов жөнүндө азын-оолак сөз кылмакчымын.***



Абдиназар агай пайгамбар жашынан өтүп калса да, өмүрү мектепсиз өтпөгөндөй сезилет. Агайды көрүп, «Мектепти, окуучуну сүйсөң, Абдиназар агайдай сүй!» деген ой аргасыздан оюма кылт этет.

Окуучулары да мугалимин бир күн көрбөй калышса, куса болуп, кызыктуу акыл-кеңештерин, аңгеме-маектерин чыдамсыздык менен күтүп калышат.

Мен Абдиназар агайды Ноокаттын борбордук базарынан, көчөлөрүнөн жолуккан күндөрүм болуп калат. Качан, кайсы учурда болбосун, педагогдун тыкан кийинип жүргөнүн көрүп, көңүлүң ачыла түшөт. Ошондуктан, Абдиназар агай ушул куракта да, педагогикалык этиканы таштабай, анын кийгени башкаларга идеал сыяктуу сезилет.

Абдиназар агай алгачкы эмгек жолун Баткен районундагы чек арага жакын Орто-Боз айылындагы Ю.А.Гагарин атындагы орто мектебинде орус тили жана адабияты мугалими болуп эмгек жолун баштаган. 1978-жылы Паскы-Арык орто мектебинде окуу бөлүм башчысы, 1982-жылы Мурат Балихов атындагы орто мектебинде директордун окуу-тарбия иштери боюнча орун басары, 1986-жылы Ак-Сай орто мектебинде директор, 2000-жылдан тарта Ноокат районунун Найман айылындагы "Улуу-Тоо" толук эмес орто мектебинде орус тили жана адабияты мугалими, 2009-жылдан аталган мектептин директору болуп иштеди.

Улуу-Тоо толук эмес орто мектебинде мектеп директору катары мектеп окуучуларына ысык тамак уюштуруудагы эмгеги эске алынып, БУУнун ысык тамак боюнча өкүлү тарабынан "эң мыкты директор", Ноокат районундагы Найман айыл аймагында "Мыкты мугалим" номинациясынын ээси болду. Мамлекеттик тилди жайылтуудагы чыгармачыл иштери эске алынып, Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу мамлекеттик тил боюнча Улуттук комиссиясынын Ардак грамотасы менен сыйланды. Насаатчы мугалим – «Билим берүүнүн мыктысы» төш белгисинин ээси. Мындан тышкары, райондук, облусттык көптөгөн грамоталардын ээси болду. «Кутбилим» калемгерлер тобунун ардактуу мүчөсү катары республикалык деңгээлдеги семинарларга катышып, Кара-Суу жана Алай райондорунун билим берүү бөлүмүнүн ыраазычылык грамоталарын алган.

Өткөн жылы "Кут Билим" гезитинде ноокаттык издемчил, иштемчил мугалим Абдиназар Эргешов тууралуу "Элеттик мугалимдин табылгасы" аттуу макала жарык көрдү. Макалада Абдиназар агайдын табылгасы – тарбиялык сааттар боюнча түзгөн жүздөгөн портфолиолору тууралуу маалымат берилип, бул макала Ноокат районунун жаш мугалимдери үчүн чоң демилге жаратты.

Иштерман мугалимдин колунан жаралган портфолиолордун тематикасы да өтө бай! Айрымдарынын аттарын атай кетсек:"Жакшы сабак – жан дүйнө азыгы", "Элдик педагогика – ата-бабадан урпактарга калган мурас", "Ата-энелер менен иштөө", "Класс жетекчинин ишмердүүлүгү", "Улуу ойчулдар", "Чыныгы достук деген эмне?", "Тарых адамзаттын басып өткөн жолу", ж.б.у.с.

Элеттик ардагер мугалимдин бул табылгасын райондук билим берүү бөлүмү колдоого алды. Абдиназар Эргешовдун портфолиорун Ноокат районунун жаш мугалимдери жыл бою сабактарына пайдаланып келет. Айрыкча, тарбиялык сааттар үчүн жазган чыгармачыл иштерин бүгүнкү күнгө чейин жаш мугалимдер колдон түшүрүшпөйт. Демек, кырк жылдан ашуун өмүрүн билим берүү ишине арнаган педагог ардактуу эс алууга чыкса да, үйдө жөн жатып албай, жан дүйнөсү мектеп, окуучу деп, эмгектенип келет. Азыр да мектептеги сабактарын унуткан жок. Келини декреттик отпускага чыгып, анын ордуна орус тилинен сабак берүүдө.

Абдиназар агай көп окуйт, качан көрсөң улуу педагог Макаренконун, Сухомлинскийдин эмгектерин колтугуна кысып, окуп жүргөнүн көрөсүң.

Азыркы учурда устат педагог – жаш мугалимдерге насаатчы. Айылдын коомдук иштерине да катышып, айыл жаштарына үлгү болорлук иштерди алып барат.

Абдиназар агай бош убактысында макала жазат. Райондогу "Ак-Тилек" адабий ийрիминин акын-жазуучулары менен тыгыз байланышта иштеп, ийримдин мүчөсү катары жаш калемгерлерден кеп-кеңешин, акыл-насаатын аябайт.

Жакында райондук "Ноокат таңы" газетасына Абдиназар Эргешовдун "Улуу-Тоонун арманы" аттуу макаласы жарык көрүп, окурмандардын арасында кызуу талкууну жаратты. Анткени, Улуу-Тоо союз кезинде 14 улуттун өкүлдөрү жашаган гүлдөгөн кыштак эле. Сымап кени өндүрүлүп, кенде иштегендердин маянасы, жашоосу жакшы болчу. Союз ураганда Улуу-Тоонун үмүттөрү кошо урайт. Шахта жабылып, мүлкү талоонго түшөт. Демек, бул элдин арманы эмей эмне? Ушул көйгөйдү автор далилдүү фактылар менен таамай ачып берген. Мугалимдердин бүткүл дүйнөлүк кесиптик майрамынын алдында биз элеттик эмгекчил мугалимге чын ден соолук, чыгармачылык ийгиликтерди каалайбыз.

**Бар болуңуз, Улуу-Тоонун устат мугалими!**

Мамат КОЖОЕВ,
КР Журналисттер союзунун мүчөсү,
Ноокат району

# ЖАҢЫ ДИРЕКТОРДУН ЖАҢЫ КАДАМЫ



***Ысык-Көл облусунун Түп районундагы К.Карачев атындагы мектепке директорлорду тандоо конкурсунда 77,8 балл менен директор болуп дайындалган Зарима Супатаева мектептин башталгыч классына жетишпей жаткан мугалимдин ордуна конкурс жарыялап, сегиз талапкердин ичинен эң жогорку балл алган адисти мугалимдикке кабыл алды. Жаңы директор бул аракети менен конкурстук ыкманын реалдуулугун көрсөттү.***

Зарима Курманбековна педагогикалык эмгек жолунда жөнөкөй мугалимдиктен, мектеп директорунун тарбия иштери боюнча орун басары, андан кийин окуу иштери боюнча орун басары болуп иштеп жүрүп, өзүнүн уюштуруучулук мыкты сапатын далилдей алган. Мектепте иштеген мезгил аралыгында Ысык-Көл облустук "Жылдын мыкты мугалими" сынагынын жеңүүчүсү болгон.

Зарима Супатаеванын кесиптеши, бир чети устаты Таалайбек Мырзабаев директорлук кызматка ат салышып жаткан талапкерлердин ичинен ушул талапкерди кубаттагандыгын айтты.

– Оболу, билим берүү жана илим министри Алмазбек Бейшеналиевдин мектеп директорлорун конкурстук тандоо жолу менен иштетүү сунушу өз убагында кабыл алынган мыкты демилге болгонун баса белгилеп койгум келет. Негизи эле министрликтин директорлорду тандоо конкурсунун эң мыкты үлгүсү бизде болду деп эсептейм. Мен муну өзүм күйөрман болгон талапкердин директор болуп калганы үчүн айтып жатканым жок. Сынак баштан аяк баары калыс жана айкын өттү. Ага баарыбыз күбө болдук. Зарима Курманбековна сынакка берилген беш багыттагы суроолорго өз тажрыйбасына таянып тыкан даярданды. Тесттин суроолору педагогдун билимин, шык-жөндөмүн аныктоого арналып туура тандалып түзүлгөн. Ысык-Көл облусу боюнча белгиленген конкурс Каракол шаарындагы К.Тыныстанов атындагы ЫМУнун башкы корпусунда өттү. Биринчи турда эң жогорку балл алган эки талапкер калды. Конкурстун шарты боюнча бирдей балл алган талапкерлер экинчи айлампага тестке киргизилүүгө тийиш эле. Экинчи турдун жыйынтыгында 77,8% көрсөткүчкө ээ болуп, директордук кызматка Зарима Курманбековнанын дайындалганы аны жакшы билген кесиптештери, жердештери үчүн кубанычтуу окуя болду, - дейт кесиптеши Таалайбек агай.

Айрыкча кубанычтуусу, жаңы директор жаңы окуу жылы башталганда, башталгыч класска керек болуп жаткан бир мугалимдин ордуна сынак жарыялаганы болду. Чындыгында айылда колуна диплом кармап, мектепке ишке кире албай жүргөн келиндер арбын эле, бирок тааныш-билиш менен алынчу арабөк адистерге бөгөт коюу максатында, айылдаштардын ватсап тобуна конкурстук тартипте мектепке бир мугалим кабыл алына турганын, ага коюлган талаптарды жазып, кулактандыруу берди.

– Жаңы директор жарыялаган конкурска сегиз мугалим катышты. Таймаш эки жогорку билимдүү, алты атайын орто билими бар мугалимдердин ортосунда жүрдү. Башталгыч класстын мугалимдерине ылайыкталып түзүлгөн педагогикалык-психологиялык тестти чогуу кеңешип түздүк да, ар бир катышуучунун алдына койдук. Ар бир талапкердин барагына жекече код коюлуп, ким жазганы жашыруун болду. Тесттин жыйынтыгында эң жогорку балл алган Айнура Намазбекова мугалим болуп кабыл алынды. Айыл эли бул акыйкат ишти эң жакшы пикирлер менен коштоп кабыл алды. Жердештерибиз жең ичинен тааныштык, пара берүү жолу менен жумушка орношууга бөгөт коюу аракетин жогору баалашты. Бул жаңы директордун үлгү болорлук алгачкы ийгилиги болду, - дейт, башталгыч класстын тажрыйбалуу мугалими Таалайбек Мырзабаев.

Эки жогорку дипломдун ээси Зарима Супатаева 1980-жылы туулган. Ал элеттик мектепте жана коомдук иштерде өзүнүн жигердүүлүгүн көргөзүп, окуу-тарбия иштерин жогорку деңгээлде уюштура билген кесипкөй адис катары жердештеринин арасында кадыр-барк топтоого жетише алган.

– КР Президентинин Жарлыгына ылайык, Билим берүү жана илим министрлиги өткөргөн конкурска катышып, директорлук кызматка дайындалдым. Конкурска катышып жатып, алдыма көп максаттарды койдум. Педагогдун биринчи миссиясы – баланы сүйүү деп эсептесек, мектептин миссиясы – коомго пайдалуу, компетенттүү, турмушта өз ордун таба алган жана улуттун маданиятын, тарыхын, каада-салтын билген жана сыйлаган билимдүү инсанды тарбиялап чыгаруу.

Учурда билим берүү тармагында реформа жүрүп жатканына баарыбыз күбөбүз. Реформаны ийгиликтүү ишке ашырууга бардыгыбыз кызыкдарбыз. Мугалим бүгүнкү күндө мектепте колдонуп жаткан усул ыкмалар, пайдаланып жаткан окуу куралдары, окуучулардын, ата-энелердин, коомчулуктун мектепке мамилеси, айтор, баары жаңылануугa, өзгөрүүгө тийиш. Ансыз билим берүүдө өсүп-өнүгүү, алдыга жылуу болбойт. Мугалимдин кесипкөйлүгү окуткан окуучуларынын ийгиликтеринен көрүнөт эмеспи. Мугалимдин алдында зор милдет жана чоң жоопкерчилик турат. Демек, реформанын ийгилиги көп жагынан мугалимдерге көз каранды. Андыктан бүгүнкү заман талабына шайкеш, кадамдаш болом деген мугалим өз билимин тынымсыз жогорулатуу менен өз кесибине берилип иштөөгө тийиш, - дейт Зарима Супатаева.

Айнагүл КАШЫБАЕВА, "Кут Билим"



# И ДРУГ, И ВРАГ, НО БЕЗ НЕГО НИКАК!

*Сначалом нового учебного года министерством образования и науки издан приказ об ограниченном использовании смартфонов во время уроков. В нём есть рекомендации по использованию телефонов в школе. Однако, практика выполнения этого приказа оказывается незрелой. В большинстве школ республики прямо на входе собирают телефоны в специальные ячейки, ящики, коробки, и выдают по окончании занятий. В случаях возможного использования на определённых предметах раздают и опять собирают.*

***Интернет стал неотъемлемой частью повседневной жизни всего человечества. Информация – двигатель изучения, понимания, восприятия. Социальные сети, в свою очередь, используются как для познавательных, так и для позитивных и развлекательных целей. Когда дело доходит до социальных сетей, школы, как правило, занимают разные позиции. По общему мнению, они полезны, когда дело касается обмена информацией или организации школьных мероприятий. И в то же время, социальные сети являются причиной отсутствия внимания у учеников во время уроков.***

### ШКОЛА И СМАРТФОН

Роль смарфонов в жизни школы и учащихся разделилась на «до» и «после» пандемии «COVID-19». Если «до» - смартфоны были предметом самоуверенности, роскоши «у кого круче». Во время пандемии все от мала до велика: учителя – ученики – родители, начали вникать в соцмедиа. Так зародились навыки видео-уроков, электронных дневников, поиск нужной информации. Но вместе с тем, стала нарастать тенденция увлечения соцсетями, то есть ученики стали засиживаться в интернете. Пройдясь по коридорам любой школы, можно увидеть детей всех возрастов, полностью погруженных в свои смартфоны. Просмотр новостной ленты, обмен фотографиями в Instagram стали частью их жизни.

Учителей, успешно ставших «цифровыми учителями» очень много. Примером этому бесконечные конкурсы молодых учителей. Их позиция звучит примерно так: «Мы живем в цифровом мире, и жизненно важно, чтобы образовательные учреждения адаптировались».

Социальные сети стали единственным источником общения, так как происходит быстрый темп жизни, родители обычно заняты работой и не могут посещать школьные собрания. Но это не значит, что они не должны быть в курсе событий или иметь возможность проверять своих детей время от времени. Так вот суть в том, что цифровизация заняла передовые позиции в сфере образования и уверенно идет в ногу со временем. И теперь нужно не вырывать из рук ребенка телефон, а приучить пользоваться им. Дети практически постоянно заходят в «Instagram», «Facebook», «Twitter», «Контакт» и, конечно, на многие другие сайты, о которых мы знаем чуть меньше. Если учитель хочет привнести в процесс обучения «целый мир», то должен рассмотреть возможность интеграции на уроках.



### ШКОЛЬНИК И «ЦЕЛЫЙ МИР»

Смартфон –эффективный метод контроля собственной повседневной жизни. С его помощью можно оставаться на связи с близкими круглосуточно. Но что парадоксально - он может не только улучшить жизнь, а наоборот, навредить человеку, став причиной ограждения от близких и друзей.

Несобранность, чувство повышенной тревожности, беспомощность и иные негативные переживания – всему этому могут быть подвержены дети и подростки. А это ничто иное, как их неконтролируемое использование, злоупотребление, которое способно привести к ухудшению психического и физического состояния человека, а также негативно отразиться на его социальной жизни.

Зависимость от телефона включает в себя две группы опасностей:


• Физические – это влияние гаджетов на растущий организм в плане недостаточной физической активности, рассредоточенности внимания и ухудшения памяти;

• Социально-психологические – широкий спектр нежелательных контактов, социальных сетей с вредоносной основой является атакой на несформировавшуюся психику подростка.

Не секрет, что и сами родители выглядят достаточно весомым примером в глазах детей, когда бесконечно зависают в планшетах и компьютерах, а зачастую с телефоном даже за обеденным столом. Личный пример - убедительный аргумент для ребенка, которому родитель не сможет запретить засиживаться в интернете. Это момент, когда появляется бесконтрольность. В свою очередь, бесконтрольность захватила сознания детей до такой степени, что они начали играть на уроках, выкладывать в сеть своё внутреннее восприятие отношений между ровестниками, между учителями, снимать кадры для пранков и TikTok.

-Моему сыну восемь лет. Он весь день не расстаётся с телефоном. Мы живём недалеко от школы, и я поставила условие, что он возьмёт телефон только когда придет домой, сделает уроки, и покушает. Он всё это выполняет, но потом его как нет. Даже когда ложится спать забирает под одеяло и закрывается в своей комнате. В его возрасте я боялась оставаться одна не только в доме, но и в комнате, а он не боится. На что его учительница ответила, «Он не один, с ним весь мир», - говорит Ирина, мама ученика 2 класса, одной из школ города Кант.

Лишение подростка возможности использования гаджета без альтернативной замены – вызов. Подросток в любом случае сможет найти выход из ситуации и при необходимости воспользуется гаджетом друзей по школе. Как отозвались школьницы 9-11х классов бишкекских школ об ограничениях: «Это наши личные вещи, и никто не имеет права отнимать, запрещать пользоваться телефонами, где бы мы ни были, в школе или дома. Есть закон о хранении и праве пользования личным имуществом». Вот как!



В мире прогрессирующих технологий уже не целесообразно оглядываться назад, ныть что ребенок уткнулся в смартфон. Нужно как в «Кавказской пленнице» сказать: «Кто нам мешает, тот нам и поможет». То есть использовать социальные медиа в ракурсе полезного познавательного инструмента, а не отвлекающего фактора. Главное – обозначить гибкую грань между полезным и зависимостью.

Не стоит навязывать строптивому подростку какие-либо правила и открытые ограничения. Достаточно на опыте показать, что кроме смартфона и Интернета есть еще масса вещей, способных разнообразить повседневную жизнь.

Сделать мобильный телефон полезным: ограничить время использования телефона, поставить блокировки вредоносных сайтов, на которых может содержаться неприемлемый контент, установить родительский контроль времени использования гаджета как во время обучения, так и в свободный от занятий период. Безопасность ребенка – неотъемлемый компонент счастливой жизни родителей.

– Проблемы, когда и как пользоваться телефонами детям школьного возраста, как таковой нет. Каждый ребенок носит телефон с собой на уроки, и пользуется им в необходимых случаях. Культура общества с детства прививает навыки и правила пользования телефонами: переключать на беззвучный режим в людном, общественном месте и на уроках. В то же время, ребенок может в любой момент получать информацию из интернета, по необходимости. Законом введены некоторые санкции, касательно "защиты личностных данных", то есть граждане, в том числе и дети, не имеют права распространять, выкладывать в сеть фотографии и видео, с целью опорочить, высмеять или шантажировать другое лицо. Здесь законы имеют неопровержимую силу и это действенно упорядочивает отношения между людьми, - поделился Кайрат Биримкулов, журналист, город Люцерн, Швейцария.

– Наша классная руководительница собирает телефоны в пакет, запирает и выдает после уроков. Иногда бывают задания, когда нужно работать с интернетом, но мы говорим, что телефонов нет. Ходить за ними, разбирать и сдавать – отдельная волокита, - говорит Айлен, ученица 9 класса столичной школы.

– В нашей школе ношение и применение телефонов на уроке поставлено на должном уровне. Начиная с шестого по 11 классы, все ученики пользуются электронным дневником – это хорошо организует как школьников, так и родителей, обеспечивая им определенный контроль за ребенком. Во время уроков телефоны ставятся на беззвучный режим до окончания уроков. Начальная школа тоже пользуется телефонами, как и старшие, но чаще сдают классному руководителю. Старшеклассники пользуются интернетом для выполнения домашних заданий. Запрета на телефоны нет, но в целях ограждения то зависимости, родителям следует установить родительский контроль и временной режим использования смартфона, - сказала заместитель директора по воспитательной работе ШГ № 69 им. Т.Сатылганова, Айнура Маймулова.



– В Германии пользование смартфонами и гаджетами не является средством роскоши, и особого внимания на это не уделяется. Телефон – обычный предмет для общения или получения информации. В школьной жизни он также является всего лишь средством необходимости для общения и познавательных целей. Зависимости среди молодежи практически нет. День школьника и студента расписан по минутам, это организует, и время на развлекательные сайты ограничено,- рассказывает жительница города Velbert, Германия, Мимоза Бобукеева.

– Жители новостроек, близ города Бишкек, больше всех волнуются за безопасность детей-школьников, учащихся во вторую смену. После уроков в осенне-зимний период, они выходят из школы практически в тёмное время суток, и маршрутки зачастую игнорируют их на трассах. В такие моменты школьники просто обязаны быть на связи с родителями, - сказала Ольга Николаева, домохозяйка.

Айнура АСАНАЛИЕВА «Кут Билим»

*Учурда Улуттук илимдер академиясын ЖОЖдор менен интеграциялоо демилгеси көтөрүлүп жатат. Арийне азыр бизде аталган маселени колдогондор да, караманча каршы болгондор да жок эмес.*

# УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫН УЙКУДАН ОЙГОТУУ КЕРЕК



Интеграция идеясына каршы болгондор көбүнесе борборлоштурулган илимдин совет доорундагы жетишкендиктерине таянышууда. Чындыгында эле союз тушундагы илимдин ар кайсы тармактардагы иликтөөлөрү бараандуу болгонун тана албайбыз.

Билим берүү жана илим министрлигинин илим бөлүмүнүн башчысы Жылдызбек Жакшылыков өткөн кылымдын 30-жылдарынан башталган илимий изилдөө иштери Улуттук илимдер академиясынын совет коомундагы баа жеткис ордун аныктап, Советтер Союзу маалында чындыгында көптөгөн көрүнүктүү иштер жасалганын, борборлоштурулган илимий иликтөөлөр мамлекеттин экономикасына олуттуу салым кошконун, ошол эле учурда, Союз тарагандан кийинки академиянын илимий жаңылыктар багытындагы пассивдүүлүгү ачык-айкын байкалганын айтат.

– Албетте, аракеттер арбын, илимпоздор мамлекеттин бергенинче иштеди. Скопус базасында илимде жана инновацияда мамлекеттердин ичинен 124-орундабыз, фирмалар менен кошо эсептелгенде, 166-орундабыз. Илим, инновация, технология жактан артта калдык. Буга жалгыз гана академия күнөөлүү деп айтуудан министрлик албетте алыс турат. Ошентсе да, Улуттук илимдер академиясында, деги эле мамлекеттин илим жаатында, кечиктирилгис реформа керек. Ушул өңүттө жакында мамлекеттин туруктуу өнүгүүсүнө илимдин салымын көбөйтүү деген таризде жарлыктын долбоору даярдалып, мамлекеттик органдарга берилди, - дейт министрликтин илим бөлүмүнүн башчысы.

Жылдызбек Жакшылыковдун пикиринде коомдо бул теманы бурмалаган учурлар байкалып, «Академия жоюлат экен», «Бүгүнкүгө чейинки байлыкты жок кылып жатышат» деген сыяктуу пикирлер социалдык тармактарда жазылып, өзгөчө илимий чөйрөдөгүлөр тынчсызданып жатышат.

– Бирок дагы бир жолу баса белгилеп кетчү нерсе, министрлик эч кандай илимдеги тарыхый баалуулуктарды жок кылбайт, академияны жойбойт. Болгону академиянын кээ бир институттарын натыйжалуу иштеши үчүн профилдик жогорку окуу жайларына өткөрүп берүүнү көздөйт. Академиктер, профессорлор ансыз да жогорку окуу жайлары менен иштешип келет. Эгер бул жарлык чыгып калса, менеджмент гана өзгөрөт деп ишенебиз. Бардык илимий табылгалар, баалуулуктар, институттар сакталат. Тескерисинче дагы да колдоого ээ болуп, өсүп-өнүгөт. Ушул аракетти жана ниетти көргүсү келбегендер бар. Бирок министрликтин позициясы так, жарлыктын долбоору толуктоо үчүн бизде иштелип жатат, - деп айтат Жылдызбек Жакшылыков.

Министрликтин Контролдоо бөлүмүнүн башчысы Гүлзада Билбаева илим академиялык илим, ЖОЖдордун илими жана тармактык илим болуп үч форматта өнүгөт деп эсептейт.

– Үчөөнүн тең өнүгүүсүндө кемчиликтер болуп жатат. Кыргызстанда жылына орточо 30 доктордук, 200 кандидаттык диссертация жазылат экен. Ушу тапта 5 миңден ашуун илим кандидаты, 2 миңге жакын илим доктору бар деп жатабыз. Тилекке каршы, жөн эле диссертация жазылып, ал жарыкка чыгып, ошол боюнча калып кетип жатат. Ал эми илим деген элге, экономикага иштеши керек, - дейт министрликтин адиси.

Гүлзада Билбаева Кыргызстан акыркы жыйырма жылдан бери рынок экономикасында жашап жатканына карабастан, илимди уюштуруу олуттуу өзгөрүүлөргө дуушар болбогонун, анан калса, СССР убагындагы менен салыштыра турган болсок, мамлекет илимди өнүктүрүүгө жетиштүү каражат бөлө албаган үчүн, илимдин эл чарбасына кошкон салымы минималдуу болуп жатканын белгилейт.

– «Илим» беренеси боюнча бюджеттик каражаттардын негизги үлүшү, тагыраагы, алардын үчтөн экиси жыл сайын Улуттук илимдер академиясынын ишин камсыз кылууга бөлүнөт, - дейт ал.

Гүлзада Билбаеванын оюу боюнча Кыргызстандагы Улуттук илимдер академиясы учурда өз башынан кечирип жаткан кризис прикладдык илимий-техникалык маселелерди чечүү үчүн ар кандай профилдеги илимий мекемелерди каржылоонун бирдиктүү принциптерин колдонуу, мамлекеттик органдар менен өз ара аракеттенүүнүн татаалдыгы, илимди жана жогорку окуу жайларын белгилүү бир жол боюнча башкаруу — академиялык илимдин экономиканын реалдуу секторуна кошкон салымынын жетишсиздигинин натыйжасында улуттук илимий-техникалык комплекстин натыйжалуу өнүгүшүнө бөгөт коюу факторлору менен шартталган.

– Кыргызстанда илимдин бул багыттарында бирдиктүү координация жок, бул координациялоону кыйындатат. Дүйнөлүк тажрыйба көрсөткөндөй, илимпоздор жалаң изилдөөчүлөр жана окутуучулар деп бөлүнбөйт. Эреже катары, алардын экөө тең илим менен да, окутуучулук менен да алектенишет, илимий-изилдөө институттарынын кеңири тармагы болуп эсептелген университеттерге караштуу бирдиктүү илимий-билим берүү борборлорунда иштешет, - деп айтат Г. Билбаева.

Министрлик адисинин ишениминде университеттин илимин каржылоонун жаңы элементи катары бүгүнкү күндө чакан, бирок эң жөндөмдүү жамааттарды жана айрым окумуштууларды колдоо үчүн негиз катары каралып жаткан гранттар системасын көрсөтүүгө болот. Анткени илим изилдөөдөгү бул жаңы ыкма изилдөө темаларын тандоодо өз алдынчалыкка жол ачып, фундаменталдык көйгөйлөрдүн чечимдерин андан ары издөөгө мүмкүнчүлүк берет.

Мындан тышкары, дагы бир олуттуу фактор – илим тармагындагы бирдиктүү саясаттын жоктугу.

– Билим берүү, илим тармагында саясатты жүргүзүүчү орган Билим берүү министрлиги болушу керек, бардыгы ага баш-ийип, координация ушул жерден башталыш керек, -деди Г. Билбаева.

А.АЛИБЕКОВ, "Кут Билим"

# «АЛТЫН ТҮЙҮН» БИЛИМ БЕРҮҮ ГОРИЗОНТТОРУН КЕҢЕЙТҮҮДӨ

*«Алтын түйүн» улуттук балдар инженердик-техникалык академиясы Б.Ельцин атындагы Урал федералдык университети менен кызматташат.*



Эки тараптын макулдашуусунун алкагында "Алтын түйүн" жана анын филиалдары УрФУ менен бирге инновациялык, кесипке багыттоочу, билим берүү жана конкурстук иш-чараларды биргелешип ишке ашыруу каралган.

Кызматташуу жөнүндө келишимде «XXI кылымдын интеллектуалдары» Эл аралык форумуна УрФУнун катышуусу да каралган. Андан тышкары, «ИЗУМРУД» окуучулар олимпиадасын өткөрүү үчүн аянтчаларды жана Кыргызстандан аралыктан компьютердик тестирлөө аркылуу УрФУга кабыл алуу сынактарын өткөрүү, Урал Федералдык Университетинен жогорку билим алуусуна абитуриенттерди тартуу боюнча иш-чараларды өткөрүү жана «Алтын түйүн» Улуттук балдар инженердик-техникалык академиясынын окутуучуларынын квалификациясын жогорулатуу ж.б. бар. Аталган келишимди «Алтын түйүн» УБИТАсынын Кыргызстандын окуучулары жана педагогдору үчүн билим берүү горизонтторун кеңейтүүгө кошкон олуттуу салымы десек болот.

Айнагүл КАШЫБАЕВА, "Кут Билим"



# ЖАҢЫ БАЛА БАКЧА АЧЫЛДЫ

*Ош облусунун Кара-Суу районундагы Катта-Талдык айыл өкмөтүнө караштуу Баш-Булак айылында 90 орундуу жаңы бала бакча балдарды кабыл ала баштады.*

Бул тууралуу Президенттин Ош облусундагы өкүлчүлүгүнүн басма сөз кызматынан билдиришти.

Маалыматка ылайык, мектепке чейинки билим берүү мекемесинин сметалык баасы 16 миллион 461 миң сомду түзүп, жергиликтүү бюджеттен каржыланган.

А.К.

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИНИН

### Билим берүү кызматкерлеринин күнүн белгилөө жөнүндө

## БУЙРУГУ

**№1842/1 2022-жылдын 21-сентябры**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн "Кыргыз Республикасынын Билим берүү кызматкерлеринин күнүн белгилөө жөнүндө" 2014-жылдын 24-октябрындагы №616 токтомун аткаруу максатында, өсүп келе жаткан муунду окутууда жана тарбиялоодо билим берүү кызматкерлеринин маанилүү ролун белгилеп, мугалимдик кесипти кеңири жайылтуу, анын социалдык абалын жакшыртуу жана жогорку класстын окуучуларынын арасында кесипке багыт берүү иштерин жүргүзүү максатында **буйрук кылам:**

**1.** 2022-жылдын 5-октябрында Билим берүү кызматкерлеринин күнүнө карата билим берүү мекемелеринде «Жаңы чакырыктар – жаңы бийиктиктер» урааны астында иш-чаралар өткөрүлсүн.

**2.** Кыргыз Республикасынын билим берүү уюмдарында Билим берүү кызматкерлеринин күнүн өткөрүү боюнча сунуш кылынган иш-чаралардын тизмеси тиркемеге ылайык бекитилсин.

**3.** Райондук жана шаардык билим берүү органдарынын, менчиктин бардык түрүндөгү билим берүү уюмдарынын жетекчилери төмөнкүлөрдү камсыз кылсын:

- иш-чараларды өткөрүүдө коопсуздукту, санитардык нормаларды сактоону;
- майрамдык иш-чараларды уюштурууга жана өткөрүүгө каражат чогултууга тыюу салынсын.

**4.** Буйруктун аткарылышын контролдоо Мектептеги билим берүү жана китеп басып чыгаруу саясаты башкармалыгына (С.Умралиева) жана Мектепке чейинки билим берүүнүн саясаты бөлүмүнө (Н.Касымова) жүктөлсүн.

**Министрдин биринчи орун басары**
**Т.БЕКТАШОВ**

## ПРИКАЗ
## МИНИСТЕРСТВА ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
### О ПРАЗДНОВАНИИ ДНЯ РАБОТНИКОВ ОБРАЗОВАНИЯ

**21 сентября 2022 года, №1842/1**

Во исполнение постановления Правительства Кыргызской Республики «Об установлении Дня работников образования Кыргызской Республики» от 24 октября 2014 года №616, признавая важную роль работников образования в обучении и воспитании подрастающего поколения, с целью популяризации профессии учителя, повышения его социального статуса и проведения профориентационной работы среди учащихся старших классов, **приказываю:**

**1.** Провести мероприятия в образовательных организациях в День работников образования 5 октября 2022 года под девизом «Новые вызовы – новые горизонты».

**2.** Утвердить перечень рекомендованных мероприятий по проведению в образовательных организациях Кыргызской Республики Дня работников образования согласно приложению.

**3.** Руководителям районных и городских органов образования, образовательных организаций всех форм собственности:

- обеспечить безопасность, соблюдение санитарных норм при проведении мероприятий;
- обратить внимание на недопустимость сбора денежных средств на организацию и проведение праздничных мероприятий.

**4. Контроль над** исполнением приказа возложить на Управление политики школьного образования и книгоиздания (С.Умралиева) и Отдел политики дошкольного образования (Н.Касымова).

**Первый заместитель министра**
**Т.БЕКТАШОВ**

**Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин**
**№1842/1 2022-жылдын 21-сентябрындагы буйругуна**
**1-тиркеме**

**Приложение 1**
**к приказу Министерства образования и науки Кыргызской Республики**
**21 сентября 2022 года, №1842/1**

### Кыргыз Республикасынын билим берүү мекемелеринде Билим берүү кызматкерлеринин күнүн өткөрүү боюнча сунушталган иш-чаралардын тизмеси

### Перечень рекомендованных мероприятий по проведению в образовательных организациях Кыргызской Республики Дня работников образования

| № | Иш-чаранын аталышы / Наименование мероприятия | Жооптуулар/ ответственные |
|---|---|---|
| 1 | Куттуктоолор «телеграммалар/открыткалар» конкурсу, «тик-ток» куттуктоолору, Онлайн челлендж аркылуу мугалимди куттуктоо (1-11-класстардын окуучуларынын катышуусунда) | РБББ/ШБББ, ББУ |
| | Конкурс поздравительных «телеграмм/открыток», поздравлений «тик-ток», онлайн челлендж поздравления учителю (с участием учащихся 1-11 классов) | РОО/ГОО, ОО |
| 2 | «Мугалим – мектептин жүрөгү» темасындагы класстык сааттарды, жолугушууларды өткөрүү (Жергиликтүү башкаруу органдарынын жетекчилерин, жергиликтүү кеңештердин депутаттарын, калктуу пунктта жашаган эмгек сиңирген ишмерлерди катышууга жана инсандын жеке калыптануусундагы мугалимдин ролу жөнүндө баяндоого чакыруу) (8-11-класстардын окуучуларынын катышуусунда) | РБББ/ШБББ, ББУ |
| | Встречи, классные часы на тему: «Учитель – сердце школы" (Приглашение руководителей органов местного управления, депутатов местных кенешей, заслуженных деятелей, проживающих в населенном пункте для участия и рассказа о роли учителя в личном становлении) | РОО/ГОО, ОО |
| 3 | «Эгер мен Мугалим болсом ...» темасында эссе жазуу (9-11-класстын окуучуларынын катышуусу менен) | РБББ/ШБББ, ББУ |
| | Написание эссе на тему «Если б я был учителем…» (с участием учащихся 9-11 классов) | РОО/ГОО, ОО |
| 4 | Облустун аймагында жайгашкан педагогикалык орто-атайын жана жогорку окуу жайлардын адистерин чакыруу менен жогорку класстын окуучулары менен кесиптик багыт берүү иштерин жүргүзүү | РБББ/ШБББ, ББУ |
| | Проведение профориентационной работы со старшеклассниками с приглашением специалистов из педагогических средне-специальных и высших учебных заведений, расположенных на территории населенного пункта (области) | РОО/ГОО, ОО |
| 5 | Мектеп жана мугалим жөнүндө ырлардын жана обондуу ырлардын фестивалы/сынагы (1-7-класстар/классы) | РБББ/ШБББ, ББУ |
| | Фестиваль /конкурс песен и стихотворений о школе, об учителе (1-7-класстар/классы) | РОО/ГОО, ОО |
| 6 | «Менин мугалимим» флешмобу (жогорку класстын окуучулары/мугалимдер тобу) | РБББ/ШБББ, ББУ |
| | Флешмоб «Менин мугалимим» (старшеклассники/группа учителей) | РОО/ГОО, ОО |
| 7 | Өзүн-өзү башкаруу күнү. Дублёр күнү. (Мектеп парламентинин катышуусунда, 11-класс) | РБББ/ШБББ, ББУ |
| | День самоуправления. День дублёра. (С участием Школьного парламента, 11 класс) | РОО/ГОО, ОО |
| 8 | Майрамдык концерт/театрлаштырылган спектакль | РБББ/ШБББ, ББУ |
| | Праздничный концерт/театрализованное представление | РОО/ГОО, ОО |

## МЕКТЕП ДИРЕКТОРЛОРУ ҮЧҮН ТРЕНИНГ ӨТҮҮДӨ

***Конкурстан жеңип чыккан директорлор учурда активдүү ишке кириши. Ишти жөндөп кетүү үчүн иргелген директорлорду окуудан өткөрүү үчүн атайын тренингдер уюштурулууда.***

Жер-жердеги сурамжылоолор жаңы мектеп директорлору окутууларга абдан муктаж экендигин көрсөттү. Бул тууралы бизге Билим берүү жана илим министрлигине караштуу Республикалык педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо институтунун директору Алмазбек Токтомаметов билдирди.

Мектеп директорлору үчүн конкурстар өткөрүлгөндөн кийинки алгачкы тренинг Ош облусунун Кара-Суу районунун директорлору үчүн райондун Чолпон атындагы орто мектебинде 27-сентябрында башталды. Окууга райондогу 57 мектеп директору тартылды. Тренингге конкурстан өткөн жаңы директорлор да, мурдатан иштеп келе жаткан директорлор да катышууда. Анткени тажрыйбалуу директорлор менен курч, көйгөйлүү маселелерди бирге талкуулоо, тажрыйба алмашуу, кызматташуу, насаатчылык, устат-шакирт маселелерин чечүү учурда маанилүү болууда жана алар жаңы директорлордун билимдерин, билгичтиктерин ишке ашырууга өз салымын кошмокчу. Тренингде билим берүүдөгү өзгөрүүлөр, мектептин ченемдик укуктук документтери, окуу планды жана окуу программаларды түзүүнүн өзгөчөлүктөрү жана күнүмдүк ишмердик, мектеп ишин башкаруу жана пландаштыруу, коомчулук менен иштөө жана мектептин иш кагаздары, тарбия концепциялары сыяктуу маселелер каралып, кеңири талкууга алынууда, - дейт А.Токтомаметов.

Директордун айтымында тренингдин алгачкы күндөрү кадимки офлайн режимде өтүп жаткан болсо, кийинки бөлүгү онлайн түрдө улантылат. Тренингди Билим берүү жана илим министрлигине караштуу Республикалык педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо институтунун кызматкерлери өтүүдө. Мындай тренингдер алдыда көпчүлүк райондордо өткөрүлмөкчү.

М.ТОКТОРОВ, "Кут Билим"



## ӨСПҮРҮМДӨРГӨ ПАЙДАЛУУ СЕМИНАР-ТРЕНИНГ

***Жакында Нарын районундагы Актан Тыныбек атындагы орто мектебинде «Биз ар түрдүүбүз, бирок биз теңбиз!» аттуу гендердик зомбулукка каршы күрөшүү боюнча 16 күндүк акциянын алкагында семинар-тренинг болуп өттү.***

Аталган иш-чаранын уюштуруучусу, Актан Тыныбек атындагы орто мектебинин соцпедагогу Кенжегүл Бектемированын айтуусунда, бул күнү мектепте өспүрүмдөргө сергек жашоону үйрөткөн, эне тилин сүйүүгө, ыймандуулукка чакырган тарбиялык сааттар өтүлдү. Атап айтсак, 11-«а» класстагы Жаныш кызы Гүлжамалдын «Нускалуу карыя болбой, ыймандуу жаш болбойт», 11-«б» класстагы Касымалиева Элвиранын тамеки менен алкоголдун зыяны тууралуу «Биз жашоону тандайбыз!», Жусуева Чолпондун «Өспүрүмдөргө карата зордук-зомбулук», Карынова Назгүлдүн 10-«б» класстагы «Коррупция деген эмне?», Жангазиева Жазгүлдүн 10-«а»класстагы «Кыргыз тилим – байлыгым», Меңдибекова Чолпондун 9-«б» класстагы «Аракечтиктин зыяны» сахна-сабагы, Исабекова Жазгүлдүн 9-«в» класстагы «Ден соолугуңду сактай бил!» ишкердик-оюн сабагы өз максатына жетип, таасирдүү болду.

А.АЛИБЕКОВ, «Кут Билим»

Кут Билим
"Кут Билим" медиа борбору

Коомдук-педагогикалык жана илимий-популярдуу басылма. 1953-жылы 7-апрелде негизделген.

Директор
Кубат ЧЕКИРОВ
Тел.: 62-04-86

Директордун орун басары
Мелисбек СУЛАЙМАНОВ
Тел.: 62-04-81

Башкы редактор
Майрамбек ТОКТОРОВ
Тел.: 62-04-68

Телефондор:
Эсеп-кысап бөлүмү: 62-11-95
Секретариат: 62-04-93
Редакторлор: 62-11-96

www.kutbilim.kg

БИЗДИН дарек:
720040 Бишкек шаары, Тыныстанов көчөсү, 257.
E-mail: kutbilims@gmail.com
Газета "Кут Билим"
Кут Билим
kutbilim.kg

Гезит ээси:
КР Билим берүү жана илим министрлиги.
Индекс 68411. Катталуу күбөлүгү №166363-3301-М-е
Гезит «ММК колдоо борбору» фондунун басмаканасында басылды.
Буйрутма №1261
Нускасы 6838 нуска.

**Профессор, филология илимдеринин доктору Замира Дербишеванын 70 жылдыгына карата**

*Жанында сүйлөшүп отурсам, Замира эжени өзүмдүн бир туугал эжемдей же апамдай көрүп, ага эркелегим келе түшөт. Кадимкидей кучагына оронуп, көкүрөгүнө башымды койгум келет. Буга көп нерселер себеп: Замира эженин мээрим толгон көздөрү, өз бооруна тартып жылуу мамиле кылганы, ичинде кири жок таза жүрөгү, жаш баланыкындай мүнөзү, оюндагысын бетке айткан кыялы, иш дегенде ичкен ашын жерге койгон кужурмөндүгү, илимдин көзүн билген окумуштуулугу, «кичүүсүң, жашсың» дебестен, өзүнө тең көрүп, мени менен илим тууралуу ой бөлүшүп отурганы, өзүндөй болсун деп, илимди дал өзүндөй түшүнсүн деп жан далбас урганы – ушунун баары жүрөгүмдү элжиретип, көңүлүмдү эркетип, көз ирмемде мени ал өзүнүн ички жан дүйнөсүнө, дүйнөдөгү кең пейил, аруу, чыныгы окумуштуунун дүйнөсүнө ээрчитип алып кирип кетет. Ошондо, мен анын айткандарын угуп отуруп, дал ушул эженин өзүндөй окумуштуу болгум келе түшөт! Бирок андай болуш, кайдаа-а!.. Ал үчүн Замира эже болуп төрөлүшүм керек эле да! Ошентсе да, эженин этегин кармап илим чөйрөсүнө аралашып жүргөнүмө кудайга шүгүр деймин! Бир кезде мен да илим дүйнөсүнө кызыгып, бирок андан жол таба албай турганымда, Замира эже мага туура багыт берип, жол көрсөткөн окумуштуулардын бири болгон. Дал ушул, менин көз алдымдагы карапайым, эң эле жөнөкөй, эч качан «мен сени окумуштуу кылдым» дебеген мээримдүү эже – менин илимий жетекчим, Дербишева Замира Касымбековна.*

# ӨМҮРҮ ӨРНӨК УСТАТЫМ



Замира Дербишева 1952-ж. 8-апрелде Фрунзе шаарында туулган. Тилчи, филология илимдеринин доктору (2001), Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнүн отличниги (1999), Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнүн эмгек сиңирген кызматкери (2017). Орус тили жана адабияты мугалимдеринин Дүйнөлүк ассоциациясынын Кыргызстандагы мүчөсү (2005). Когнитивдик лингвистика, лингвомаданият таануу, лингвистикалык типология боюнча адис. Воронеж мамлекеттик университетин (1974), Москвадагы В.М. Ломоносов атындагы университеттин аспирантурасын (1978), КМУнун докторантурасын бүткөн (2001). КМУда доцент, кафедра башчысы, декан (1978–2001), 1999-жылдан баштап КМУнун алдындагы Коммуникациялык лингвистика борборунун директору болуп эмгектенген.

2001-жылдан тартып Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин Чет тиллер жогорку мектебинин директору, Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин профессору (2004), Түрк цивилизациясын изилдөө борборунун орун басары, котормо бөлүмүндө профессор-окутуучу болуп эмгектенип келет.

З.Дербишева 150дөн ашуун илимий эмгектин, лингвистикалык иликтөөлөрдүн, анын ичинде монографиялардын, сөздүктөрдүн жана жогорку окуу жайлардын студенттери үчүн жазылган окуу китептеринин автору. Илимий эмгектеринин көбү чет өлкөлөрдө жарыяланган. Австрия, Испания, Финляндия, Прага, Пекин, Москва, Санкт-Петербургда өткөн конгресс, симпозиумдарга илимий докладдар менен катышкан. Россия менен Казакстандын жогорку окуу жайларына лектор катары чакырылып, актуалдуу лингвистикалык илимий темада лекциялык курстарды өтүп, консультацияларды берип келет. Мындан тышкары, Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу билим берүү жана илим боюнча коомдук эксперттик кеңешинин мүчөсү; Кыргыз Республикасынын Премьер-министрине караштуу илим жана инновация боюнча кеңешинин мүчөсү; Кыргыз Республикасынын ЮНЕСКО иштери боюнча Улуттук комиссиянын мүчөсү; Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиянын мүчөсү; Улуттук тил саясаты программасын ишке ашырууда аны иштеп чыгуу жана көзөмөлдөө боюнча жумушчу топтун мүчөсү жана Кыргызстандагы орус тили жана адабияты окутуучулар коомунун жетекчиси катары милдетин өтөп, коомдук иштерге да өз салымын кошуп келет.

Өзүнүн балалыгын, жаш кезин, илим дүйнөсүндөгү узак жолун эскергенде, Замира эже мага буларды айтып берди: «Бала кезимде тилим кыргызча чыккан эле. Анын да өзүнчө бир себеби бар. Атам кеч, 38 жашка чыкканда үйлөнгөн экен. Атам 1914-жылы туулган жана сабаттуу киши болгон. Касымбек атамды атасы (менин чоң атам) бала кезинде орус мектепке берген. Ал кезде саналуу гана адамдардын балдары мектепте окуган. Атам мектепти бүтүргөндөн кийин финансы техникумуна өтөт. Азыркы Бишкек шаарында жашап, техникумду бүтүргөндөн кийин Россиянын Москва шаарындагы финансы институтуна өтөт. Институтту ийгиликтүү бүтүрүп, Кыргызстанга келип жооптуу кызматтарда иштейт. Кийин билимин дагы өркүндөтүү үчүн Ленинграддагы жогорку финансылык курста эки жыл окуйт. Атам, негизи, Кыргызстандагы финансылык системаны түптөгөн адамдардын бири болгон. Ленинграддагы жогорку финансылык курсту бүтүрүп келгенден кийин Фрунзе областтык финансылык башкармалыгынын жетекчиси болуп дайындалат. Бирок ушул кызматка киришкенден тарта атамдын үстүнөн «бул бай-манаптын баласы...» деген тоголок арыз түшөт. Көп өтпөй атам иштен алынат. Ошол кезде жашап турган ведомстволук үйүн да алып коюшат. Ошондон улам, 1955-жылы атам айылга көчүп кетүүгө мажбур болот. Мен ал кезде үч жашта экем. Шартка байланыштуу айылда чоңоюп, алгач тилим кыргызча чыккан эле. Кийин атам кайрадан шаарга келип, өз ишин кайра башынан баштаган...

Биз Фрунзе шаарына келгенде, мен орус мектепте билим алдым. Мектепте окуп жүргөндө китепти аябай көп окучумун. Фрунзеде төрт китепкана бар эле. Мен төртөөнө тең жазылгам. Китепканада иштегендердин баары мени таанычу жана мен кызыккан керектүү китептердин баарын мага катып беришчү эле. Мектепте жакшы көргөн сабагым адабият менен тил сабагы болгондуктан, балдар адабиятына кызыгып, орус, француз, англис жазуучуларынын чыгармаларын толук окуп чыккам. Тилекке каршы, мектепте кыргыз адабияты окутулчу эмес. Ошондуктан кыргыз жазуучуларынын чыгармаларын да, авторлорун да билчү эмесмин. Мектепти бүтүп жатканда кыргыз адабияты жөнүндө эч маалыматым жок эле. Бир күнү капысынан эле туугандардын үйүнөн кыргыз тилиндеги бир кичинекей китеп, Медетбек Сейталиевдин «Тегирменчинин кызы» деген чыгармасы колума тийди. Ал китепти аябай кызыгып окудум, түшүндүм! Тилим кыргызча чыккандыктан, китепти толук түшүндүм! Ошондо бул китеп аркылуу биринчи жолу кыргызча чыгарма окуп, таасирлендим. Классташым Ирина Прядеинага белек кылуу үчүн Медетбек Сейталиевдин «Тегирменчинин кызы» деген чыгармасын орус тилине котордум. Ошондо мен 9-класста окуп жүрүп, классташыма кыргызча жазылган повестти орус тилине которуп белек кылгам.

9-10-класста окуп жүргөндө адабиятка өтө кызыкканым үчүн, адабиятка жакын болоюн деп мектепти бүткөндө филология факультетине өттүм. Жогорку окуу жайды ийгиликтүү аяктап, андан кийин ММУда аспирантурада окуумду улантып, кандидаттык ишимди коргодум. Кандидаттыгымды коргоп жатканда аябай толкундандым, бирок жакшы коргодум. Ошондо мен «Кандидаттык ишимди коргогонум эле мага жетет» деп ойлодум эле. Алгач, «мен илимпоз болом» деп алдыма максат койгон эмесмин. Бирок алган адистик боюнча лекция окуган адам бир жерде токтоп калбайт экен да. Лекциялар, берген сабактар илимди алдыга жылдырат экен. Улам макала жазат экенсиң, окуу китебин жазат экенсиң. Университетте эмгектенген окутуучу бир жерде токтоп калбайт экен. Ошентип, өзүм да байкабай эле илимдин ичине сүңгүп кирип кеттим...

Илим жолунда бир нукка түшкөндөн кийин, ал бара-бара доктордук иш жазууга алып келет экен. Анан доктордук ишимди коргодум. Ошондо менде «Мен доктордук ишимди жактадым, эми мен окумуштуу болдум» деген жаңылыш ой пайда болуптур. Көрсө, доктордук наам окумуштуулук менен барабар эмес экен. Накта окумуштуу, бул – жаратуучу болот экен. Тилдин көрүнүшүн, түзүлүшүн түбүнө жеткире изилдеп, анын өзгөчөлүктөрүн аныктап чыгуу керек экен. Мындай окумуштуу-изилдөөчүлүк деңгээлге жетиш үчүн узак, татаал жолдон өтүш керек тура! Мен ошондой узун, татаал жолдон өттүм. 2002-2011-жылдары Казакстандагы Абылай хан атындагы университетте диссертациялык кеңештин мүчөсү болуп калдым. Эки айда бир диссертациялык кеңешке катышып, диссертациялык иштерди окуп, ага эксперттик, оппоненттик пикирлерди жазып жүрдүм. Ошондо 50дөй диссертация окуп, пикир жаздым. Бул мага аябай чоң илимий мектеп болду. Андан тышкары, көп жыл Кыргызстандагы диссертациялык кеңештин мүчөсү болдум. Окумуштуу катары ушул жерде такшалдым десем болот. 5 доктор, 14 кандидат, көптөгөн магистранттарды чыгардым. Илимдин жолу өтө узак, татаал жол экен, ал бүтпөйт экен, анткени илим чексиз...».

Мына, ошентип биз бүгүн чыныгы илимпоз, кужурмөн изилдөөчү, мээримдүү эне, сүйүктүү эжей, ардактуу кесиптеш, жакынга сырдаш, айрым адамдарга курдаш болгон эженин ички жан дүйнөсү менен жакындан тааныштык. Ары татаал, ары узак илим жолунда арыбаңыз, мен урматтаган эжейим жана илимий жетекчим Замира Касымбековна!

Элмира ТӨЛӨКОВА,
КТМУнун ага окутуучусу, ф.и.к.